# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 10

## *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»*

## Максат

1. Ушул стандарттын максаты ишкана бир же бир нече башка ишканаларды контролдогон учурларда бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү принциптерин аныктоо болуп саналат.

### Максатка жетишүү

2. 1-пунктта баяндалган максаттарга жетишүү үчүн ушул стандарт:

   (a) бир же бир нече башка ишканаларды (*туунду ишканаларды*) контролдогон ишкана (*башкы ишкана*) бириктирилген финансылык отчеттуулукту беришин талап кылат;

   (b) *контролдоо* принцибинин аныктамасын берет жана контролду консолидациянын негизи катары белгилейт;

   (c) инвестор инвестициялардын объектин  контролдой турганын же жоктугун жана тиешелүү түрдө инвестор инвестициялардын объектин консолидациялоого тийиш экенин же жоктугун белгилөө үчүн контролдоо принцибин кантип колдонуу керектигин көрсөтөт; жана

   (d) бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоо максатында бухгалтердик эсепке карата талаптарды белгилейт; жана

   (e) инвестициялык ишкананын аныктамасын берет жана инвестициялык ишкананын белгилүү бир туунду ишканаларын консолидациялоого карата өзгөчөлүктү белгилейт.

3. Ушул стандарт бизнестерди бириктирүүнүн алдында келип чыгуучу гудвиллдерди кошуп алганда бизнести бириктирүүнүн бухгалтердик эсебине карата талаптарды жана алардын консолидацияга таасирин карабайт *("Бизнести бириктирүү"* ФОЭС (IFRS) 3тү караңыз).

## Колдонуу чөйрөсү

4. Башкы ишкана болуп саналган ишкана бириктирилген финансылык отчеттуулукту бериши керек. Ушул стандарт бардык ишканаларга жайылтылат, буга төмөндө сыпатталган учурлар кирбейт:

   (a) эгерде башкы ишкана, төмөнкүдөй бардык шарттарды канааттандырса, ал бириктирилген финансылык отчеттуулукту берүүгө тийиш эмес:

      (i) башкы ишкананын өзү башка ишкананын толук же жарым-жартылай менчигинде турган туунду ишкана болуп саналса жана анын башка менчик ээлери, анын ичинде башка учурларда добуш берүү укугу болбогондор башкы ишкана бириктирилген отчеттуулукту бербей турганы жөнүндө кабардар болсо жана буга каршы болбосо;

      (ii) башкы ишкананын карыздык жана үлүштүк инструменттери ачык рынокто (ички же болбосо чет өлкөлүк фонддук биржада же жергиликтүү жана региондук рынокторду кошуп алганда, биржадан тышкаркы рынокто) жүгүртүлбөсө;

      (iii) ар кандай класстагы инструменттерди ачык рынокко чыгаруу максатында башкы ишкана баалуу кагаздар боюнча комиссияга же жөнгө салуучу башка органга финансылык отчеттуулукту бербесе жана аны берүү процессинде турбаса; жана

© ФОЭС Фонду

(iv) көрсөтүлгөн башкы ишкананын башкы же ар кандай аралык ишканасы ачык пайдаланууга жеткиликтүү болгон бириктирилген финансылык отчеттуулукту берсе жана ал ФОЭСке ылайык даярдалса жана анда туунду ишканалар ушул ФОЭСке ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча консолидацияланса же бааланса;

(b) [алып салынды]

(c) [алып салынды]

4A. Ушул ФОЭС "*Кызматкерлердин сыйакылары*" ФОЭС (IAS) 19 колдонула турган кызматкерлердин эмгек ишмердүүлүгү аякташы боюнча сыйакы төлөө программаларына же башка узак мөөнөттүү сыйакылар программаларына карата колдонулбайт.

4B. Эгерде инвестициялык ишкана болуп саналган башкы ишкана, ушул ФОЭСтин 31-пунктуна ылайык өзүнүн бардык туунду ишканаларын пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоого тийиш болсо, ал бириктирилген финансылык отчеттуулукту берүүгө тийиш эмес.

## Контролдоо

**5. Инвестор кандайдыр бир ишканага (инвестиция объектине) өзүнүн катышуусунун мүнөзүнө карабастан, ал инвестиция объектин контролдой тургандыгына же жоктугуна баа берүү менен өзүнүн башкы ишкана болуп санала турганын же жоктугун аныктоого тийиш.**

**6. Эгерде инвестор инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешелерге байланышкан тобокелдиктерге кабыла турган болсо же мындай кирешени алуу укугуна ээ болсо, ошондой эле инвестиция объектине карата өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун жардамы менен кирешеге таасир кылуу мүмкүндүгүнө ээ болсо, ал инвестиция объектин контролдой алат.**

**7. Ошентип, инвестор инвестиция объектин төмөнкүдөй учурда гана контролдой алат, эгерде инвестор:**

**(a) инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ болсо (10–14-пункттарды караңыз);**

**(b) инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешелерге байланышкан тобокелдиктерге кабыла турган болсо же мындай кирешени алууга укуктуу болсо (15 жана 16-пункттарды караңыз); жана**

**(c) инвестордун кирешесинин көлөмүнө таасир этүү максатында инвестиция объектине карата өз ыйгарым укуктарын пайдалануу укугуна ээ болсо (17 жана 18-пункттарды караңыз).**

8. Инвестор инвестиция объектин контролдой аларына же жоктугуна баа берүүдө инвестор бардык фактыларды жана жагдайларды кароого тийиш. Эгерде фактылар жана жагдайлар 7-пунктта саналган контролдун үч элементинин биринде же бир нечесинде өзгөрүүлөр бар экенин көрсөтсө, инвестор инвестиция объектин контролдой ала турганына же жоктугуна кайрадан баа берүүгө тийиш (B80–B85-пункттарды караңыз).

9. Эгерде инвестиция объектинин маанилүү ишмердүүлүгүн жетектөө үчүн инвесторлордун биргелешкен аракеттери зарыл болсо, инвестиция объекти эки же андан көп инвестордун биргелешкен контролунда турат. Мындай учурларда инвесторлордун бири да инвестиция объектин өзүнчө контролдой албайт, анткени инвесторлордун бири да калган инвесторлор менен өз ара аракеттенбестен туруп инвестиция объектинин ишмердүүлүгүн башкара албайт. Ар бир инвестор өзүнүн инвестиция объектиндеги катышуу үлүшүн эсепте "*Биргелешкен ишкердик*" ФОЭС (IFRS) 11, "*Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар*" ФОЭС (IAS) 28 же "*Финансылык инструменттер*" ФОЭС (IFRS) 9 сыяктуу ФОЭСтерде каралгандай чагылдырат.

© ФОЭС Фонду

## Ыйгарым укуктар

10. Эгерде инвестордо ошол убакта *маанилүү ишмердүүлүктү*, б.а. инвестиция объектинин кирешесине олуттуу таасир этүүчү ишмердүүлүктү башкарууга ага мүмкүндүк бере турган колдонуудагы укуктары бар болсо, инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ.

11. Ыйгарым укуктар укуктардын натыйжасы болуп саналат. Кээ бир учурларда ыйгарым укуктарга баа берүү, мисалы, инвестиция объектине карата ыйгарым укуктар добуш укуктарынын жана акция сыяктуу үлүштүк инструменттер берген добуш укуктарынын гана тикелей натыйжасы болуп саналган учурда кыйынчылык жаратпайт жана мындай акциялардын үлүшүнө байланышкан добуш укуктарын кароо аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн. Башка учурларда, мисалы, эгерде ыйгарым укуктар бир же бир нече келишимдик макулдашуулардын натыйжасы болуп саналса, баалоо алда канча татаал болот жана бир нече факторлорду кароону талап кылышы мүмкүн.

12. Ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүгү бар инвестор, анын жетектөөнү жүзөгө ашыруу укуктары али ишке ашырыла элек болсо дагы, ыйгарым укуктарга да ээ болот. Инвестор маанилүү ишмердүүлүктү башкарганынын далили инвестор ыйгарым укуктарга ээ экенин аныктоодо пайдалуу болушу мүмкүн, бирок мындай далил инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ экенин же жоктугун аныктоодо өзүнөн өзү эле чечүүчү фактор болуп саналбайт.

13. Эгерде эки же андан көп инвесторлор маанилүү ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүн бир тараптуу башкарууга аларга мүмкүндүк бере турган колдонуудагы укуктарга ээ болсо, ошол убакта инвестиция объектинин кирешесине бир кыйла олуттуу таасир кылуучу ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүндүгүнө ээ болгон инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ.

14. Башка ишканалар ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга катышууга мүмкүндүк бере турган колдонуудагы укуктарга ээ болсо дагы, мисалы, башка ишкана *олуттуу таасирге* ээ болсо дагы, инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ боло алат. Бирок, кызыкчылыктарды коргоо укуктарына гана ээ болгон инвестордо инвестиция объектине карата ыйгарым укуктар жок (B26–B28-пункттарды караңыз), тиешелүү түрдө, мындай инвестор инвестиция объектин контролдобойт.

## Кирешелер

15. Эгерде инвестордун инвестиция объектине катышуудан түшүүчү кирешеси инвестиция объектинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна жараша өзгөрө турган болсо, инвестор инвестиция объектине катышуудан түшө турган өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдиктерге кабылат же анын мындай кирешени алууга укугу болот. Инвестордун кирешелери оң гана, терс гана же оң да жана терс да болушу мүмкүн.

16. Бир гана инвестор инвестиция объектин контролдой ала турганына карабастан, инвестиция объектинин кирешесине бир нече тарап катышуусу мүмкүн. Мисалы, контролдобогон үлүштөрдү кармоочулар инвестиция объектинин пайдасына же бөлүштүрүүлөрүнө катышуусу мүмкүн.

## Ыйгарым укуктардын жана кирешелердин ортосундагы байланыш

17. Эгерде инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ болуп, инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдиктерге кабылып же мындай кирешени алуу укугуна ээ болуп гана тим болбостон, ошондой эле инвестиция объектине катышуудан түшүүчү инвестордун кирешесине таасир кылуу максатында өз ыйгарым укуктарын пайдалануу мүмкүндүгүнө ээ болсо, инвестор инвестиция объектинин үстүнөн контролго ээ болот.

18. Ошентип, чечим кабыл алууга укугуна ээ болгон инвестор ал принципал же агент болуп саналарын же жоктугун аныктоого тийиш. B58–B72-пункттарга ылайык агент болуп саналган инвестор инвестиция объектин контролдобойт, чечим кабыл алуунун ага өткөрүлүп берилген укугун жүзөгө ашырат.

© ФОЭС Фонду

## Эсепке алууга карата талаптар

**19. Башкы ишкана бириктирилген финансылык отчеттуулукту ошондой жагдайларда ошондой операциялар жана башка окуялар үчүн бирдиктүү эсеп саясатын пайдалануу менен даярдоого тийиш.**

20. Инвестиция объектин консолидациялоо инвестор инвестиция объектинин үстүнөн контролду өзүнө алган учурдан тартып башталат жана инвестор инвестиция объектине контролду жоготкондо токтойт.

21. B86 - B93-пункттарда бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоо боюнча колдонмо камтылган.

## Контролдонбоочу үлүштөр

22. Башкы ишкана финансылык абал жөнүндө бириктирилген отчетто капиталдын курамындагы контролдонбоочу үлүштөрдү башкы ишкананын менчик ээлеринин капиталынан өзүнчө көрсөтүшү керек.

23. Башкы ишкананын туунду ишканадагы катышуу үлүшүндө башкы ишкананын туунду ишкананын үстүнөн контролун жоготууга алып келбей турган өзгөртүүлөр капитал менен операциялар (б.а. ушул сапатта аракеттенүүчү менчик ээлери менен операциялар) катары эсепке алынат.

24. B94–B96-пункттарда бириктирилген финансылык отчеттуулукта контролдонбоочу үлүштөрдү эсепке алуу боюнча колдонмо камтылган.

## Контролду жоготуу

25. Эгерде башкы ишкана туунду ишкананын үстүнөн контролун жоготсо, башкы ишкана:

(a) финансылык абал жөнүндө бириктирилген отчетто мурдагы туунду ишкананын активдерин жана милдеттенмелерин таанууну токтотот;

(b) контролду жоготуу күнүнө карата мурдагы туунду ишканада калган кайсы болбосун инвестициялардын адилет наркын таанууну токтотот жана кийин мындай инвестицияларды, ошондой эле тийиштүү ФОЭСте белгиленген тартипте мурдагы туунду ишканадан же анын пайдасына келип түшүүчү кайсы болбосун сумманы эсепке алууда чагылдырат. Көрсөтүлгөн адилет наркты финансылык активдин ФОЭС (IFRS) 9га ылайык баштапкы таанылышындагы адилет нарк катары же зарыл болгондо, ассоциацияланган ишканага же биргелешкен ишканага салынган инвестициялардын баштапкы таануудагы баштапкы наркы катары бааланат;

(c) мурдагы контролдук үлүшкө тиешелүү болгон контролду жоготууга байланышкан пайданы же зыянды таанийт.

26. B97–B99-пункттарда контролду жоготууну эсепке алуу боюнча колдонмо камтылган.

## Ишкананын инвестициялык ишкана болуп саналарын же жоктугун аныктоо

27. Башкы ишкана өзүнүн инвестициялык ишкана болуп саналарын же жоктугун аныктоого тийиш. Инвестициялык ишкана – бул, төмөнкүдөй ишкана:

(a) ушул инвесторго (ушул инвесторлорго) инвестицияларды башкаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү максатында бир же андан көп инвесторлордон каражаттарды алган;

(b) инвестордун (инвесторлордун) алдында өзүнө капиталдын наркынын кошумча өсүшүнөн киреше алуу, инвестициялык киреше алуу жана тигини да, муну да алуу үчүн гана каражаттарды инвестициялоо анын бизнесинин максаты болуп саналарына милдеттенме алган; жана

(c) иш жүзүндө өзүнүн бардык инвестициялары боюнча ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун алардын адилет наркынын негизинде баалаган жана аныктаган.

**B85A–B85M-пункттарында колдонуу боюнча тийиштүү көрсөтмөлөр камтылган.**

28. 27-пунктта келтирилген аныктамага өзүнүн туура келерине баа берүүдө ишкана инвестициялык ишкананын төмөнкүдөй типтүү мүнөздөмөлөрүнө ээ экенин эсепке алышы керек:

(a) анда бирден көп инвестициялар бар (B85O–B85P-пункттарын караңыз);

(b) анда бирден көп инвестор бар (B85Q–B85S-пункттарын караңыз);

(c) анда ишкананын байланыштуу тараптары болуп саналбаган инвесторлор бар (B85T–B85U-пункттарын караңыз); жана

(d) анда капиталдагы үлүш формасындагы катышуу үлүштөрү же ушул сыяктуу катышуу бар (B85V–B85W-пункттарын караңыз).

Бул типтүү мүнөздөмөлөрдүн кайсы бирөөсүнүн болбогондугу ишкананы инвестициялык ишкана деп классификациялоону укукка жат катары тааныта албайт. Саналып өткөн бардык типтүү мүнөздөмөлөргө ээ болбогон инвестициялык ишкана "*Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*" ФОЭС (IFRS) 12нин 9А-пунктуна ылайык талап кылынуучу маалыматтарды кошумча ачып көрсөтөт.

29. Эгерде фактылар жана жагдайлар 27-пунктта келтирилген инвестициялык ишкана аныктаманы түзгөн үч элементтин бирөө же андан ашыгы, же болбосо 28-пунктта көрсөтүлгөн инвестициялык ишкананын типтүү мүнөздөмөлөрү өзгөргөнүн көрсөтүп турса, башкы ишкана өзүнүн инвестициялык ишкана болуп санала тургандыгын же жоктугун кайрадан талдоону жүргүзүүгө тийиш.

30. Инвестициялык ишкана болуусун токтотуп жаткан же болбосо инвестициялык ишкана болуп кала турган башкы ишкана өзүнүн статусу өзгөргөн күндөн тартып перспективалык түрдө өзүнүн статусунун өзгөрүүсүн эсепке алышы керек (B100 –B101-пункттарды караңыз).

## Инвестициялык ишканалар: консолидация жөнүндө талаптардагы өзгөчө учур

**31. 32-пунктта сыпатталган учурду кошпогондо, инвестициялык ишкана башка ишканага контролду алганда, ал өзүнүн туунду ишканаларын консолидациялоого же ФОЭС (IFRS) 3тү колдонууга тийиш эмес. Мунун ордуна инвестициялык ишкана туунду ишканага салымдарды ФОЭС (IFRS) 9га ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоого тийиш.**[1]

32. Эгерде инвестициялык ишканада туунду ишкана бар болсо жана ал инвестициялык ишкана болуп саналбаса жана анын негизги максаты жана ишмердүүлүгү болуп инвестицияларды жүзөгө ашыруу боюнча инвестициялык ишкананын ишмердүүлүгүнө кире турган кызматтарды көрсөтүү саналса (B85C–B85E пункттарды караңыз), инвестициялык ишкана 31-пункттагы талаптарга карабастан, бул туунду ишкананы ушул стандарттын 19 – 26-пункттарына ылайык консолидациялоого жана мындай туунду ишканаларды сатып алууга карата ФОЭС (IFRS) 3түн талаптарын колдонууга милдеттүү.

33. Эгерде башкы ишкананын өзү да инвестициялык ишкана болуп саналбаса гана, инвестициялык ишкананын башкы ишканасы өзү контролдоочу бардык ишканаларды, анын ичинде өзүнүн инвестициялык ишкана болуп саналган туунду ишканасы аркылуу контролдогон ишканаларды консолидациялашы керек.

1 "*Бириктирилген финансылык отчеттуулук*" ФОЭС (IFRS) 10дун С7-пунктунда мындайча көрсөтүлгөн: "Эгерде ишкана ушул стандартты колдонуп жатса, бирок ФОЭС (IFRS) 9ду колдоно элек болсо, ФОЭС (IFRS) 9га ушул стандарттагы шилтеме "*Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо*" ФОЭС (IAS) 39га шилтеме катары каралышы керек.

© ФОЭС Фонду

# А тиркемеси

## Терминдердин аныктамалары

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **бириктирилген финансылык отчеттуулук** | **Башкы ишкананын** жана анын **туунду ишканаларынын** активдери, милдеттенмелери, өздүк капиталдары, кирешелери, чыгашалары жана акча каражаттарынын агымдары бирдиктүү экономикалык субъектке тиешелүүдөй көрсөтүлгөн **топтун** финансылык отчеттуулугу. |
| **инвестиция объектисин контролдоо** | Эгерде инвестор инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдиктерге дуушарланса, же мындай кирешени алууга укугу бар болсо, ошондой эле инвестиция объектине карата өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу аркылуу кирешеге таасир кылууга мүмкүндүгү болсо, инвестор инвестиция объектисин контролдойт. |
| **чечим кабыл алуучу жак** | Башка тараптар үчүн же принципал, же агент болуп саналган, чечим кабыл алуу укугуна ээ болгон ишкана. |
| **топ** | **Башкы ишкана** жана анын бардык **туунду ишканалары**. |
| **инвестициялык ишкана** | Төмөнкүдөй ишкана:<br>(a) тиешелүү инвесторго (тиешелүү инвесторлорго) инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү берүү максатында бир же андан көп инвесторлордон каражаттарды алган;<br>(b) капиталдын наркынын кошумча өсүшүнөн, инвестициялык кирешеден же болбосо тигинден да, мындан да киреше алуу үчүн гана каражаттарды инвестициялоо өзүнүн анын бизнесинин максаты болуп саналат деп инвестордун (инвесторлордун) алдында милдеттенме алган; жана<br>(c) ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун иш жүзүндө өзүнүн бардык инвестициялары боюнча алардын адилет наркынын негизинде баалаган жана аныктаган. |
| **контролдонбоочу үлүш** | **Башкы ишканага** түз же кыйыр тиешеси жок **туунду ишкананын** өздүк капиталы. |
| **башкы ишкана** | Бир же бир нече ишкананы **контролдоочу** ишкана. |
| **ыйгарым укуктар** | Ушул тапта **маанилүү ишмердүүлүктү** башкарууга мүмкүндүк берүүчү учурдагы укуктар. |
| **кызыкчылыктарды коргоо укуктары** | Максаты көрсөтүлгөн укуктарга ээ болгон тараптын катышуу үлүшүн коргоодо турган, ушундай тарапка укуктарга байланышкан ишканага карата ыйгарым укуктарды бербеген укуктар. |
| **маанилүү ишмердүүлүк** | Ушул стандарттын контекстинде, маанилүү ишмердүүлүк – инвестиция объектинин кирешесине олуттуу таасир кылуучу инвестиция объектинин ишмердүүлүгү. |
| **четтетүү укугу** | Чечим кабыл алуучу жакты анын чечим кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарынан ажыратуу укугу. |
| **туунду ишкана** | Башка ишкананын контролу астында турган ишкана.. |

© ФОЭС Фонду

Төмөндө көрсөтүлгөн терминдердин аныктамалары ФОЭС (IFRS) 11де, "*Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*" ФОЭС (IFRS) 12де, ФОЭС (IAS) 28де (2011-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) же "*Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*" ФОЭС (IAS) 24тө берилген. Бул терминдер ушул стандартта жогоруда көрсөтүлгөн ФОЭСте баяндалган мааниде пайдаланылат.

- ассоциацияланган ишкана
- башка ишканага катышуу
- биргелешкен ишкана
- негизги башкаруучу персонал
- байланыштуу тарап
- олуттуу таасир.

© ФОЭС Фонду

## В тиркемеси

## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Тиркеме 1 – 33-пункттардын колдонулушун сыпаттайт жана өзүнүн күчү боюнча ушул стандарттын башка бөлүмдөрүнө теңдеш.*

В1. Тиркемеде келтирилген мисалдарда гипотетикалык кырдаалдар сүрөттөлөт. Төмөндө берилген мисалдардын айрым аспекттери иш жүзүндөгү кырдаалдарда да болушу мүмкүн экенине карабастан, ФОЭС (IFRS) 10ду колдонууда иш жүзүндөгү ар бир конкреттүү кырдаалдын бардык фактыларын жана жагдайларын баалоо зарыл.

### Контролду баалоо

В2. Инвестиция объектине инвестордун контролго ээ экенин же жоктугун тастыктоо үчүн инвестор төмөндөгүлөрдү баалашы керек:

(a) ал инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ экенине же жоктугуна;

(b) ал инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдерге кабыла турганына же жоктугуна же анын мындай кирешени алууга укугу бар экенине же жоктугуна; жана

(c) инвестордун кирешесинин көлөмүнө таасир кылуу максатында ал инвестиция объектине карата өзүнүн ыйгарым укуктарын пайдалануу мүмкүндүгүнө ээ экенине же жоктугуна.

В3. Контролдун бар экенинин фактын тастыктоодо төмөнкү факторлорду кароо пайдалуу болушу мүмкүн:

(a) инвестиция объектинин максатын жана түзүмүн (В5–В8-пункттарды караңыз);

(b) кандай ишмердүүлүк маанилүү болуп саналарын жана мындай ишмердүүлүккө тиешеси бар чечимдер кандайча кабыл алынарын (В11–В13-пункттарды караңыз);

(c) инвестор ээ болгон укуктар ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүк бере турганын же жоктугун (В14– В54-пункттарды караңыз);

(d) инвестор инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдиктерге тушуга турганын же жоктугун же анын мындай кирешени алууга укугу бар экенин же жоктугун (В55–В57-пункттарды караңыз); жана

(e) инвестор инвестиция объектине карата өз ыйгарым укуктарын инвестордун кирешесинин көлөмүнө таасир көрсөтүү максатында пайдаланууга мүмкүндүгү бар экенин же жоктугун (В58–В72-пункттарды караңыз).

В4. Инвестиция объектине контролду баалоо менен, инвестор өзүнүн башка жактар менен мамилелеринин мүнөзүн кароого тийиш (В73–В75-пункттарды караңыз).

### Инвестиция объектинин максаты жана түзүмү

В5. Кандай ишкердүүлүк маанилүү ишмердүүлүк болуп саналарын, маанилүү ишмердүүлүккө тиешелүү чечимдер кандайча кабыл алынарын, мындай ишмердүүлүктү жетектөөгө кимдин учурдагы мүмкүндүгү бар экенин жана мындай ишмердүүлүктөн ким киреше аларын аныктоо үчүн инвестиция объектин контролдоону баалоо менен, инвестор инвестиция объектинин максатын жана түзүмүн карашы керек.

В6. Инвестиция объектинин максатын жана түзүмүн талдоо инвестиция объектисин контролдоо үлүштүк инструменттер аркылуу жүзөгө ашырыла турганын аныктай алат, бул инструменттер, мисалы, инвестиция объектинин жөнөкөй акциялары аларды кармоочуга пропорциялуу добуш укуктарын берет. Мындай учурда, чечимдерди кабыл

алуу процессине өзгөртүүлөрдү киргизген кайсы бир кошумча макулдашуулар болбогон учурда, контролду баалоо кайсы тарап, ушундайлар болгондо, инвестиция объектинин операциялык жана финансылык саясатын аныктоо үчүн жетиштүү болгон көлөмдө добуш укуктарын ишке ашыра ала турганын аныктоого багытталат (В34–В50-пункттарды караңыз). Эң жөнөкөй учурда, добуш укуктарынын контролдук үлүшүнүн кармоочусу болуп саналган инвестор, башка кайсы бир факторлор болбогондо, инвестиция объектине контролго ээ болот.

В7. Бир кыйла татаал учурларда инвестиция объектине контролго инвестордун ээ экендигин же жоктугун тастыктоо үчүн В3-пунктунда баяндалган факторлордун айрымдарын же мындай факторлордун баарын кароо талап кылынышы мүмкүн.

В8. Инвестиция объекти аны ким контролдой турганын аныктоодо, мисалы, добуш укуктары административдик милдеттерге гана байланыштуу болсо, ал эми маанилүү ишмердүүлүктү жетектөө макулдашуу түрүндө тариздепген келишүүнүн негизинде жүзөгө ашырылса добуш укуктары басымдуу фактор болуп саналбай тургандай түрдө уюштурулушу мүмкүн. Мындай учурларда инвестиция объектинин максатын жана түзүмүн талдоого алуу  кабыл алынуусу инвестиция объектин уюштурууда пландалган тобокелдиктерди, инвестиция объектине катышуучу тараптарга өткөрүп берүүгө пландалган тобокелдиктерди, ошондой эле инвестор ушундай тобокелдиктердин баарысына же алардын айрымдарына кабыла турганын же жоктугун кароону да өзүндө камтышы керек. Тобокелдиктерди кароо акциялардын курсунун төмөндөө тобокелдигин гана эмес, акциялардын курсунун жогорулоо мүмкүндүгүн да өзүнө камтыйт.

## Ыйгарым укуктар

В9. Инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ болуу үчүн инвестор ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга ага мүмкүндүк бере турган учурдагы  укуктарга ээ болушу зарыл. Ыйгарым укуктарга баа берүүдө реалдуу укуктар жана коргоо укуктары болуп саналбаган укуктар гана эсепке алынат (В22–В28-пункттарды караңыз).

В10. Инвестордо ыйгарым укуктардын бар экенинин фактын тастыктоо кандай ишмердүүлүк маанилүү ишмердүүлүк болуп саналарына, маанилүү ишмердүүлүккө тиешелүү чечимдер кандайча кабыл алынарына, ошондой эле инвестор жана башка тараптар инвестиция объектине карата ээ болгон укуктарга жараша болот.

## Маанилүү ишмердүүлүк жана маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу

В11. Операциялык жана финансылык ишмердүүлүктүн бүтүндөй бир катар ар кыл түрлөрү инвестиция объектинин кирешесине таасир кылат. Жагдайларга жараша маанилүү ишмердүүлүк болуп калышы мүмкүн болгон ишмердүүлүк түрлөрүнө мисал катары төмөндөгүлөрдү келтирүүгө болот:

(a) товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатууну жана сатып алууну;

(b) финансылык активдерди аларды пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде (анын ичинде дефолт башталган факт боюнча) башкарууну;

(c) активдерди тандап алууну, сатып алууну же башкага берүүнү;

(d) жаңы продуктуларды же процесстерди изилдөөнү жана иштеп чыгууну; жана

(e) каржылоонун түзүмүн аныктоону же каржылоону тартууну.

В12. Маанилүү ишмердүүлүккө тиешелүү чечимдердин мисалы катары төмөндөгүлөрдү келтирүүгө болот:

(a) бюджеттерди кошуп алганда, инвестиция объектинин операциялык ишмердүүлүгүнө жана капиталына тиешеси бар чечимдер; жана

(b) инвестиция объектинин же кызматтарды көрсөтүүчүлөрдүн негизги башкаруучу персоналын дайындоо жана аларга акы төлөө, ошондой эле бул персонал менен эмгек мамилелерин токтотуу.

B13. Кээ бир кырдаалдарда, конкреттүү жагдайлар айкалышканга же конкреттүү окуя башталганга чейин, ошондой эле да андан кийин жүзөгө ашырылуучу ишмердүүлүк маанилүү ишмердүүлүк болуп калышы мүмкүн. Эки же андан көп инвестор ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүндүгүнө ээ болгон жана мындай ишмердүүлүк ар башка убакта жүзөгө ашырыла турган учурда, инвесторлор кирешеге бир кыйла олуттуу таасир көрсөтө турган ишмердүүлүктү алардын кимиси башкара ала турганын, чечимдерди кабыл алуунун удаалаш укуктарын эсепке алуу менен аныктоого тийиш (13-пунктту караңыз). Инвесторлор убакыттын өтүшү менен, эгерде тийиштүү фактыларда же жагдайларда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болуп өтсө, бул баалоону кайра карашы керек.

Колдонууга мисалдар

**1-мисал**

Эки инвестор дары-дармек препаратты иштеп чыгуу жана сатуу максатында инвестиция объектин түзөт. Бир инвестор дары-дармек препаратты иштеп чыгуу жана жөнгө салуучу органдардын тийиштүү уруксатын алуу үчүн жооп берет; бул жоопкерчилик өзүндө продуктуну иштеп чыгууга жана жөнгө салуучу органдардын тийиштүү уруксатын алууга тиешеси бар бардык чечимдерди кабыл алуу мүмкүндүгүн камтыйт. Жөнгө салуучу орган препаратты жактырары менен башка инвестор аны өндүрүүнү жана сатууну баштайт; бул инвестор препаратты өндүрүүгө жана сатууга тиешеси бар бардык чечимдерди бир тараптуу тартипте кабыл ала алат. Эгерде ишмердүүлүктүн көрсөтүлгөн түрлөрүнүн баары – дары-дармек препаратты иштеп чыгуу, жөнгө салуучу органдын уруксатын алуу, препаратты өндүрүү жана сатуу – маанилүү ишмердүүлүк болуп саналса, ар бир инвестор инвестиция объектинин кирешесине бир кыйла олуттуу таасир көрсөтүүчү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүгү бар экенин аныкташы керек. Демек, ар бир инвестор дары-дармек препаратты иштеп чыгуу, жөнгө салуучу органдардын уруксатын алуу же препаратты өндүрүү жана сатуу инвестиция объектинин кирешесине бир кыйла олуттуу таасир кылуучу ишмердүүлүк болуп саналары жана анын мындай ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүгү бар экени жөнүндө маселени карашы керек. Инвесторлордун кайсынысы ыйгарым укуктарга ээ экенин аныктоодо инвесторлор төмөнкүдөй маселелерди карашы мүмкүн:

(a) инвестиция объектинин максаты жана түзүмү;

(b) пайданын ченемин, түшө турган кирешени жана инвестиция объектинин наркын, ошондой эле дары-дармек препараттын наркын аныктоочу факторлорду;

(c) ар бир инвестордун (b) пунктунда саналып берилген факторлорго тиешеси бар чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруусунун натыйжасында инвестиция объектинин кирешесине көрсөтүлгөн таасирди; жана

(d) кирешелердин өзгөрүлмөлүүлүгүнө байланыштуу инвесторлордун тобокелдиктерин.

Ушул конкреттүү мисалда инвесторлор ошондой эле төмөнкүдөй маселелерди караса болмок:

(e) жөнгө салуучу органдардын уруксатын алууга жагынан айкын эместикти жана мындай уруксатты алуу үчүн зарыл болгон күч-аракеттерди (инвестордун дары-дармек препараттарды иштеп чыгуу жана жөнгө салуучу органдардын тийиштүү уруксатын алуу жагындагы ийгиликтүү тажрыйбасын эсепке алуу менен); жана

(f) иштеп чыгуу этабы ийгиликтүү аяктагандан кийин инвесторлордун кайсынысы дары-дармек препаратка контролду жүзөгө ашырып жатканын.

**2-мисал**

Инвестициялык түзүм (инвестициялоо объекти) карыздык инструменттердин жана үлүштүк инструменттердин жардамы менен түзүлөт жана каржыланат, карыздык инструменттердин кармоочусу болуп инвестор (карыздык инструменттин инвестору), үлүштүк инструменттердин кармоочулары болуп башка бир нече инвесторлор саналат. Үлүштүк инструменттерди чыгаруунун максаты алгачкы зыяндарды жабууда жана инвестиция объектинен калдык кирешелерди алууда турат. Үлүштүк инструменттердин

инвесторлорунун бирөөсү, акциялардын 30 пайызынын кармоочусу болуп саналганы активдердин башкаруучусу да болуп саналат. Инвестиция объекти өзүнүн кирешелерин финансылык активдердин портфелин сатып алууга пайдаланат, муну менен инвестиция объектин карыздын негизги суммасынын жана мындай активдер боюнча сыйакы төлөөнүн эсебине мүмкүн болуучу төлөбөй коюуларга байланышкан кредиттик тобокелдикке кабылтат. Операция карыздык инструменттердин инвесторуна портфелдин активдери боюнча мүмкүн болуучу төлөбөй коюуларга байланышкан минималдуу кредиттик тобокелдиги бар инвестиция катары көрсөтүлөт, бул болсо активдердин мүнөзү менен, ошондой эле үлүштүк инструменттерди чыгаруу инвестиция объектинин алгачкы зыяндарын жабууга арналганы менен шартталат. Инвестиция объектинин кирешесине инвестиция объектинин активдер портфелин башкаруу боюнча ишмердүүлүк олуттуу таасир көрсөтөт, бул ишмердүүлүк өзүндө портфелди башкаруу боюнча жетектөөнүн алкагында активдерди тандоого, сатып алууга жана алыстатууга тиешеси бар чечимдерди кабыл алууну, ошондой эле портфелдин кайсы болбосун активдери боюнча төлөбөй коюулар болгон учурдагы башкаруучулук аракеттерди да камтыйт. Төлөбөй коюулар белгиленген катышка жетмейинче (б.а. портфелдин наркы инвестиция объектинин үлүштүк инструменттерин чыгарууну жапмайынча), көрсөтүлгөн ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн активдердин башкаруучусу жооп берет. Көрсөтүлгөн катышка жетишилген учурдан тартып активдерди үчүнчү жак болуп саналган ишенимдүү башкаруучу карыздык инструменттердин инвесторунун нускамаларына ылайык башкарат. Инвестиция объектинин активдер портфелин башкаруу инвестиция объектинин маанилүү ишмердүүлүгү болуп саналат. Жоюла элек активдердин наркы портфелдин наркына карата белгиленген катышка жетмейинче активдердин башкаруучусу маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүндүгүнө ээ болот; жоюла элек активдердин наркы портфелдин наркына карата белгиленген катыштан ашып кеткен учурда карыздык инструменттердин инвестору маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүк алат. Активдердин башкаруучусу жана карыздык инструменттердин инвестору инвестиция объектинин кирешесине бир кыйла олуттуу таасир көрсөтүүчү ишмердүүлүктү башкарууга алардын ар биринин мүмкүндүгү бар экенин аныкташы керек, бул башкарууда инвестиция объектинин максатын жана түзүмүн, ошондой эле кирешелердин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышта ар бир тарап үчүн тобокелдиктерди талдоо да камтылат.

## Инвестиция объектине карата ыйгарым укуктардан улам инвесторго берилүүчү укуктар

B14. Ыйгарым укуктар укуктардын натыйжасы болуп саналат. Инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ болуу үчүн инвестор ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүндүгүнөн улам инвесторго бериле турган колдонуудагы укуктарга ээ болушу керек. Инвесторго ыйгарым укуктарды бере турган укуктар инвестиция объектине жараша өзгөрүшү мүмкүн.

B15. Өз-өзүнчө алганда же башка укуктар менен жыйынды түрүндө инвесторго ыйгарым укуктарды бере ала турган укуктарга мисал катары төмөндөгүлөрдү атоого болот:

(a) инвестиция объектиндеги добуш укуктарынын (же потенциалдуу добуш укуктарынын) формасындагы укуктарды (B34–B50-пункттарды караңыз);

(b) инвестиция объектинин негизги башкаруучу персоналынын маанилүү ишмердүүлүккө таасир көрсөтө алуучу мүчөлөрүн дайындоо, башка кызмат орунга которуу же бошотуу укугун;

(c) маанилүү ишмердүүлүктү башкарган башка ишкананы дайындоо же четтетүү укугун;

(d) инвестиция объектине кайсы бир бүтүмгө кирүүгө тиешеси бар нускамаларды берүү же кайсы бир бүтүмдөргө карата кайсы болбосун өзгөртүүлөргө инвестордун кызыкчылыктарында вето салуу укугун; жана

(e) ээлик кылуучуларына маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүндүгүн бере турган башка укуктарды (башкаруу жөнүндө келишимде көрсөтүлгөн, чечимдерди кабыл алуу укугу сыяктуу).

B16. Эгерде инвестиция объекти өзүнүн кирешесине олуттуу таасир көрсөтүүчү ар түрдүү операциялык жана финансылык ишмердүүлүктү жүргүзсө жана эгерде мындай ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу ишмердүүлүктүн негизги маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууну дайыма талап кылса, өз-өзүнчө же башка укуктар менен айкалышта инвесторго инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды берүүчү укуктар болуп добуш укуктары же ошондой укуктар саналат.

B17. Эгерде добуш укугу инвестиция объектинин кирешесине олуттуу таасир көрсөтө албаса, мисалы, добуш укугу административдик маселелерге гана жайылтылганда, ал эми маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу маселелери келишимдик макулдашуулар менен жөнгө салынганда, инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды өзүнө берүүгө жетиштүү болгон укуктарга ээ боло ала турганын аныктоо үчүн мындай макулдашууларга баа бериши керек. Инвестор мындай ыйгарым укуктарды өзүнө берүүгө жетиштүү болгон укуктарга ээлик кыла турганын тастыктоо үчүн инвестор инвестиция объектинин максатын жана түзүмүн (B5–B8-пункттарды караңыз) жана B51–B54 жана B18–B20-пункттарда баяндалган талаптарды карап чыгууга тийиш.

B18. Кээ бир кырдаалдарда инвесторго инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды берүүгө инвестордун укуктары жетиштүү болорун тастыктоодо кыйынчылыктар келип чыгышы мүмкүн. Мындай учурларда, ыйгарым укуктарга баа берүүнү жүргүзүү үчүн инвестор маанилүү ишмердүүлүктү бир тараптуу башкарууга практика жүзүндө мүмкүндүгү бар экендигинин далилин кароого тийиш. Башкалардын ичинде, B19 жана B20-пункттарда сыпатталган укуктар жана көрсөткүчтөр менен бирдикте кароодо инвесторго инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды берүү үчүн анын укуктары жетиштүү болуп саналарын далилдөөнү камсыз кыла ала турган төмөнкүдөй маселелерди кароо зарыл:

(a) инвестор, келишимде каралган тийиштүү укугу жок болсо да, маанилүү ишмердүүлүктү жетектөөгө мүмкүндүгү бар инвестиция объектинин негизги башкаруучу персоналын дайындай алат же беките алат;

(b) инвестор, келишимде каралган тийиштүү укугу жок болсо да, инвестордун кызыкчылыктарында орчундуу бүтүмдөргө кирүүгө тиешеси бар же орчундуу бүтүмдөргө кайсы болбосун өзгөртүүлөрдү киргизүүгө вето салууга тиешеси бар нускамаларды инвестиция объектине бере алат;

(c) инвестор инвестиция объектинин башкаруу органынын мүчөлөрүн шайлоо үчүн талапкерлерди көрсөтүү процессинде же добуш укуктарынын башка кармоочуларынан ыйгарым укуктарды алууда чечүүчү роль ойной алат;

(d) инвестиция объектинин башкаруучу негизги персоналынын мүчөлөрү инвестордун байланыштуу тараптары болуп саналат (мисалы, инвестиция объектинин башкы директору жана инвестордун башкы директору – бир эле адам болот;

(e) инвестиция объектинин башкаруу органынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү – инвестордун байланыштуу тараптары.

B19. Кээ бир учурларда инвестордун инвестиция объекти менен өзгөчө мамилелерде тургандыгынын белгилери болот, мындай мамилелер инвестиция объектиндеги инвестордун кызыкчылыктары катышуунун пассивдүү үлүшү менен гана чектелбестигин болжолдойт. Мындай бир белгинин же мындай белгилердин жыйындысынын бар болушу инвестор ыйгарым укуктардын бар болушунун критерийлерине сөзсүз туура келет дегендикти билдирбейт. Бирок инвестордо инвестиция объектинде катышуунун пассивдүү үлүшү менен гана чектелбеген кызыкчылыктардын бар болушу инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды инвесторго берүүгө же колдонуудагы мындай ыйгарым укуктардын анда бар экенинин далилин камсыз кылууга жетиштүү болгон башка коштомо укуктарга инвестордун ээ экенин көрсөтүшү мүмкүн. Мисалы, инвестордун кызыкчылыгы инвестиция объектине катышуунун пассивдүү үлүшү менен

гана чектелбей турганын жана башка укуктар менен айкалышта ыйгарым укуктардын бар экенин көрсөтө ала турганын билдирүүчү төмөнкүдөй кырдаалдар болушу ыктымал:

(a) инвестиция объектилеринин негизги башкаруучу персоналынын маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүгү бар мүчөлөрү инвестордун учурдагы жана мурдагы кызматкерлери болуп саналат;

(b) инвестиция объектинин операциялары инвесторго көз каранды болот, мисалы төмөнкүдөй кырдаалдарда:

(i) инвестиция объекти өзүнүн операцияларынын кыйла бөлүгүн финансылоодо инвесторго көз каранды болот;

(ii) инвестор инвестиция объектинин милдеттенмелеринин кыйла бөлүгү боюнча кепилдик берүүчү болуп саналат;

(iii) инвестиция объекти өтө маанилүү кызмат көрсөтүүлөрдү, технологияларды, чийки заттарды же материалдарды берүү маселелеринде инвесторго көз каранды болот;

(iv) инвестор инвестиция объектинин операциялары үчүн өтө маанилүү болуп саналган лицензиялар же соода маркалары сыяктуу активдерди башкарат;

(v) инвестиция объекти негизги башкаруучу персоналга байланышкан маселелерде, мисалы, инвестордун персоналы инвестиция объектинин операцияларына тиешеси бар адистешкен билимдерге ээ болгондо инвесторго көз каранды болот;

(c) инвестиция объектинин операцияларынын орчундуу бөлүгү инвестордун катышуусунда же анын атынан жүзөгө ашырылат;

(d) инвестордун инвестиция объектине катышуудан түшүүчү кирешесинин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан тобокелдиктери же анын мындай кирешени алууга укугу добуш укугуна же ушундай башка укуктарга караганда пропорционалдуу эмес түрдө көп. Мисалы, инвестиция объектинде инвестордун добуш укугу элүү пайыздан аз болсо да, инвестор инвестиция объектинин кирешесинин жарымынан ашыгын алууга укуктуу же мындай кирешеге байланыштагы тобокелдиктерге кабылган кырдаал келип чыгышы мүмкүн.

B20. Инвестордун инвестиция объектине катышуудан түшүүчү өзгөрүлмө кирешеге байланышкан тобокелдиктери же инвестордун мындай кирешени алууга укугу канчалык көп болсо, инвестиция объекти жагынан ыйгарым укуктарды инвесторго берүүгө жетиштүү укуктарды инвестор алуусу үчүн өбөлгөлөр инвестордо ошончолук көп болот. Демек, өзгөрүлмө кирешеге байланышкан жогору тобокелдиктердин бар болушу инвестордо ыйгарым укуктардын бар экенинин белгиси болуп саналат. Бирок инвестордун тобокелдиктеринин даражасынын өзү эле инвестордун инвестиция объекти жагынан ыйгарым укуктарга ээ боло турганын аныктабайт.

B21. Эгерде B18-пунктта баяндалган факторлор жана B19 жана B20-пункттарда баяндалган белгилер инвестордун укуктары менен бирдикте каралса, B18-пунктта сыпатталган ыйгарым укуктардын бар экенинин далили чоң мааниге ээ болушу керек.

*Реалдуу укуктар*

B22. Өзүндө ыйгарым укуктар бар экенин баалоодо ал инвестор инвестиция объектине байланышкан (инвестор жана башка жактар ээлик кылган) реалдуу укуктарды гана карайт. Эгерде укуктун субъектинин мындай укукту ишке ашырууга практикалык мүмкүндүгү бар болсо, укук реалдуу болуп саналат.

B23. Укуктар реалдуу болуп саналабы же жокпу деген аныктама бардык фактыларды жана жагдайларды эсепке алуу менен ой жүгүртүүлөрдү чыгарууну талап кылат. Реалдуу укуктардын бар экенин аныктоодо карала турган факторлорго мисал катары төмөндөгүлөрдү атоого болот:

© ФОЭС Фонду

(a) өз укуктарын ишке ашырууга укук субъектине (субъекттерине) кедерги болуучу кандайдыр бир (экономикалык жана башка мүнөздөгү) бөгөттөрдүн бар же жок экендиги. Мындай бөгөттөрдүн мисалына башкалардын ичинде төмөндөгүлөр кирет:

(i) өз укуктарын жүзөгө ашырууга укук субъектине тоскоолдук кылган (укук субъектин өз укуктарын жүзөгө ашыруудан токтотуп турган) финансылык санкциялар жана стимулдар;

(ii) өз укуктарын жүзөгө ашырууга укук субъектине тоскоолдук кылган (укук субъектин өз укуктарын жүзөгө ашыруудан токтотуп турган) финансылык тоскоолдукту түзө турган аткаруунун же конвертациянын баасы;

(iii) укуктарды жүзөгө ашыруунун ыктымалдыгын азайтуучу шарттар, мисалы, аткаруу мөөнөтүн катуу чектөөчү шарттар;

(iv) инвестиция объектинин түзүүчү документтеринде же колдонула турган мыйзамдарда же ченемдик актта укук субъектине өз укуктарын жүзөгө ашырууга мүмкүндүк бере турган так, акылга сыярлык механизмдин жок экендиги;

(v) өз укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл маалыматтарды алууга укук субъектинин жөндөмсүздүгү;

(vi) өз укуктарын жүзөгө ашырууга укук субъектине тоскоолдук кылган (укук субъектин өз укуктарын жүзөгө ашыруудан токтотуп турган) операциялык бөгөттөр же өбөлгөлөр (мисалы, адистешкен кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү жана тийиштүү убакта ушул кызматты ээлеп турган башкаруучунун карамагында турган катышуу үлүшүн башкарууга кабыл алууну каалаган же буга жөндөмдүү болгон башка башкаруучулардын жок экендиги);

(vii) өз укуктарын жүзө ашырууга укук субъектине тоскоолдук кылган мыйзамдын же жөнгө салуучу органдын талаптары (мисалы, чет өлкөлүк инвесторго өз укуктарын жүзөгө ашырууга тыюу салынгандыгы);

(b) Эгерде укукту жүзөгө ашыруу бир нече тараптардын макулдугун талап кылган же бир нече тарап бир укуктун субъекти болуп саналса, мындай тараптарга, эгерде алар өздөрү кааласа, алардын укуктарын жамааттык негизде ишке ашырууга практика жүзүндөгү жөндөмдүүлүктү бере турган белгиленген механизмдин бар же жок экендиги. Мындай механизмдин жоктугу – укуктар реалдуу эмес болуп калышы мүмкүн экендигинин белгиси.Укукту жүзөгө ашыруу үчүн макулдугу талап кылынган тараптардын саны канчалык көп болсо, укуктун реалдуу болуп саналышынын ыктымалдыгы ошончолук аз. Бирок мүчөлөрү чечим кабыл алуучу жакка көз каранды болбогон директорлор кеңеши бир нече инвестордун укуктарын жүзөгө ашырууда алардын жамааттык аракеттери үчүн механизм катары кызмат кыла алат. Тишелүү түрдө, көз каранды эмес директорлор кеңеши ишке ашыра ала турган четтетүү укуктары көп сандагы инвесторлор өз-өзүнчө жүзөгө ашыра ала турган укуктарга караганда да көбүрөөк даражада реалдуу болуп саналат.

(c) Укуктардын кармоочусу болуп саналган тарап же тараптар мындай укуктарды жүзөгө ашыруудан пайда таба ала тургандыгы же жоктугу. Мисалы, инвестиция объектиндеги потенциалдуу добуш укуктарынын (B47–B50-пункттарды караңыз) кармоочусу инструментти аткаруунун же конвертациялоонун баасын эсепке алышы керек. Эгерде инструментти аткаруунун баасы рыноктук баадан пайдалуураак болсо же инвестор инструментти аткаруунун же конвертациялоонун натыйжасында кайсы бир башка себептер боюнча (мисалы, инвестордун жана инвестиция объектинин ортосундагы синергия эффектин ишке ашыруу аркылуу) пайда көрө алса, потенциалдуу добуш укуктарынын шарттары көбүрөөк даражада реалдуу болот.

B24. Мындан тышкары, эгерде маанилүү ишмердүүлүккө тиешеси бар чечимдерди кабыл алууда укуктарды жүзөгө ашыруу мүмкүндүгү бар болсо, укуктар реалдуу болуп саналат. Эреже катары, эгерде укуктар учурдагы убакта ишке ашырыла турган болсо, укуктар реалдуу болуп саналат. Бирок, айрым учурларда, укуктар учурдагы убакта ишке ашырылбай турган болсо дагы, алар реалдуу болуп калышы мүмкүн.

**Колдонууга мисалдар**

**3-мисал**

Инвестиция объекти акционерлердин ар жылдык чогулуштарын өткөрөт, аларда маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу боюнча чечимдер кабыл алынат. Акционерлердин кезектеги пландуу чогулушу сегиз айдан кийин өткөрүлөт. Бирок өз-өзүнчө же башка акционерлер менен бирдикте добуш укуктарынын кеминде 5 пайызына ээлик кылган акционерлер маанилүү ишмердүүлүккө карата колдонуудагы саясатка өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн кезексиз чогулуш чакыра алат, бирок башка акционерлерге билдирме берүү талабына ылайык мындай чогулуш 30 күндөн аз убакыттын ичинде болушу мүмкүн эмес. Маанилүү ишмердүүлүккө карата саясатка өзгөртүүлөр акционерлердин кезексиз же пландуу чогулуштарында гана киргизилиши мүмкүн. Бул активдерди сатуу боюнча олуттуу бүтүмдөрдү бекитүүнү, ошондой эле кыйла инвестицияларды салууну же ажыратууну камтыйт.

Жогоруда баяндалган кырдаал төмөндө берилген 3А - 3D-мисалдары үчүн сунуш кылынган. Ар бир мисал өзүнчө каралат.

**3А-мисал**

Инвестор инвестиция объектинде добуш укуктарынын көпчүлүгүнүн кармоочусу болуп саналат. Инвестордун добуш укуктары реалдуу болуп саналат, анткени маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга тиешеси бар чечимдер кабыл алынууга тийиш болгондо инвестор мындай чечимдерди кабыл ала алат. Инвестор өзүнүн добуш укугун ишке ашыра ала турган учурга чейин 30 күн өтө тургандыгы инвесторду маанилүү ишмердүүлүктү ал акциялар үлүшүн сатып алган учурдан тартып башкарууга учурдук мүмкүндүктөн ажырата албайт.

**3В-мисал**

Инвестор инвестиция объектинин акцияларынын контролдук үлүшүн алууга форварддык келишимдин тарабы болуп саналат. Форварддык келишимди аткаруу күнү 25 күндөн кийин келет. Учурдагы акционерлер маанилүү ишмердүүлүк жагынан колдонуудагы саясатты өзгөртө албайт, анткени кезексиз чогулуш, бери болгондо, 30 күндүн ичинде өткөрүлүшү мүмкүн эмес, ал эми ага чейин форварддык келишим аткарылып калат. Ошентип, жогорудагы 3А-мисалындагыдай, инвестордун укуктары маңызы боюнча акциялардын контролдук үлүшүнө ээлик кылган акционердин укуктарына эквиваленттүү болуп калат (башкача айтканда, форварддык келишимдин тарабы болуп саналган инвестор маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга тиешеси бар чечимдерди алар талап кылынганда кабыл ала алат). Инвестордун форварддык келишими – бул форварддык келишим аткарылганга чейин да ошол убактагы маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүк бере турган реалдуу укук.

**3С-мисал**

Инвестор инвестиция объектинин акцияларынын контролдук үлүшүн алууга олуттуу опциондун кармоочусу болуп саналат; опцион 25 күндөн кийин аткарылышы мүмкүн жана аны аткаруунун баасы рыноктук баага караганда пайдалуураак. Бул мисалда 3В-мисалындагыдай эле тыянак жасалууга тийиш.

**3D-мисал**

Инвестор инвестиция объектинин акцияларынын контролдук үлүшүн алууга форварддык келишимдин тарабы болуп саналат, мында инвестиция объектине карата

кандайдыр бир башка коштомо укуктарды алуу каралган эмес. Форварддык келишимди аткаруу күнү алты айдан кийин келет. Жогоруда баяндалган мисалдардан айырмаланып, инвестордун ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүгү жок. Учурдагы акционерлердин ошол убакта маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүгү бар, анткени алар маанилүү ишмердүүлүккө карата колдонуудагы саясатка форварддык келишим аткарылгандан мурда өзгөртүүлөрдү киргизе алышат.

B25. Башка тараптар ишке ашыра ала турган реалдуу укуктар мындай укуктар байланыштуу болгон инвестиция объектин контролдоону инвестордун жүзөгө ашыруусуна тоскоол болушу мүмкүн. Мындай реалдуу укуктар укук субъектинде чечимдерди кабыл алуу жол-жобосун демилгелөө мүмкүндүгү укугунун болушун талап кылбайт. Укуктар коргоо укуктары гана болуп саналган бардык убакта (B26–B28-пункттарды караңыз) башка тараптардын реалдуу укуктары, мындай укуктар укук субъектине маанилүү ишмердүүлүккө тиешеси бар чечимдерди бекитүүгө же токтотууга учурдагы мүмкүндүктү гана берсе дагы, инвестордун инвестиция объектин контролдоону жүзөгө ашыруусуна тоскоол болушу мүмкүн.

*Кызыкчылыктарды коргоо укуктары*

B26. Укуктар инвесторго инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарды бере турганына баа берүүдө инвестор анын укуктары, ошондой эле башка жактардын укуктары кызыкчылыктарды коргоо укуктары болуп санала тургандыгына же жоктугуна баа бериши керек. Кызыкчылыктарды коргоо укуктары инвестиция объектинин ишмердүүлүгүн башкы өзгөртүүлөрдү киргизүү менен байланышкан же өзгөчө жагдайларда колдонулат. Бирок өзгөчө жагдайларда колдонула турган же тигил же бул окуяларга көз каранды болгон  укуктардын баарысы эле кызыкчылыктарды коргоо укуктары болуп саналбайт (B13 жана B53-пункттарды караңыз).

B27. Кызыкчылыктарды коргоо укугу укуктардын субъектинин кызыкчылыктарын коргоого арналгандыктан, ушул укуктар байланышкан инвестициялардын объектине карата ыйгарым укуктарды ага бербегендиктен, кызыкчылыктарды коргоо укуктарына гана ээ болгон инвестор инвестициялардын объектине карата ыйгарым укуктарга ээ боло албайт же башка тарапта мындай укуктардын болушуна тоскоолдук кыла албайт (14-пунктту караңыз).

B28. Кызыкчылыктарды коргоо укугунун мисалдары катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

(a) кредиторго зыян келтирүү менен зайым алуучунун кредиттик тобокелдигинин олуттуу өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн болгон зайым алуучунун иш-аракетине чектөө салууга кредитордун укугун;

(b) демейки чарбалык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө зарыл болгон чыгымдардан ашкан капиталдык чыгымдарды жактырууга же үлүштүк же карыздык инструменттерди чыгарууну жактырууга инвестициялардын объектинде контролдонбоочу үлүштүн кармоочусу болуп саналган тараптын укугун;

(c) эгерде зайым алуучу зайымды төлөөнүн белгиленген шарттарын аткара албаса, зайым алуучунун активдерин камакка алууга кредитордун укугун.

## Франчайзинг

B29. Ал боюнча инвестициялардын объекти франшизаны алуучу болуп саналган франчайзинг жөнүндө макулдашуу көп учурда франшиза берүүчүгө укуктарды берет, алардын максаты франшиза брендин коргоо болуп саналат. Франчайзинг жөнүндө макулдашуу эреже катары франшиза берүүчүгө франшиза алуучунун операцияларына тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча айрым укуктарды берет.

B30. Бүтүндөй алганда, франшиза берүүчүлөрдүн укуктары франшиза берүүчүлөр болуп саналбаган тараптардын франшиза алуучунун кирешесине олуттуу таасир көрсөтүүчү чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн чектебейт. Андан тышкары, франчайзинг жөнүндө макулдашууда каралган франшиза берүүчүнүн укуктары франшиза берүүчүгө

ушул убакытта франшиза алуучунун кирешесине олуттуу таасир көрсөтүүчү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн бербейт.

B31. Франшиза алуучунун кирешесине олуттуу таасир көрсөтүүчү чечимдерди кабыл алуунун учурдагы мүмкүнчүлүгүнүн болушун жана франшиза брендин коргоого багытталган чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн болушун айырмалоо зарыл. Эгерде башка тараптар ушул убакыттын учурунда аларга франшиза алуучунун маанилүү ишмердүүлүгүн башкаруу мүмкүнчүлүгүн берген колдонуудагы укуктарга ээ болсо, франшиза берүүчү франшиза алуучуга карата ыйгарым укуктарга ээ эмес.

B32. Франчайзинг жөнүндө макулдашууга кирүү менен франшиза алуучу өз бизнесин франчайзинг жөнүндө макулдашуунун шарттарына ылайык, бирок өзүнүн жеке эсебинен жүргүзүү чечимин бир тараптуу тартипте кабыл алат.

B33. Франшиза алуучунун уюштуруучулук-укуктук формасы жана анын каржылоо түзүмү сыяктуу принциптүү чечимдерге контролдукту франшиза алуучулар болуп саналбаган жана франшиза алуучунун кирешесине олуттуу таасир көрсөтүүчү тараптар жүзөгө ашыра алат. Франшиза берүүчү көрсөтүүчү финансылык колдоонун деңгээли канчалык төмөн болсо жана франшиза алуучунун кирешелеринин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланыштуу фрашиза берүүчүнүн тобокелдиктери канчалык төмөн болсо, франшиза берүүчү кызыкчылыктарды коргоо укуктарына гана ээ деген ыктымалдык ошончолук жогору.

## Добуш укуктары

B34. Көбүнчө инвестордо добуш укуктарынын же ушуга окшош укуктардын жардамы менен маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде инвестициялардын объектинин маанилүү ишмердүүлүгүн башкаруу добуш укуктары аркылуу жүзөгө ашырылса, инвестор ушул бөлүмдө баяндалган талаптарды (B35 – B50-пункттарын караңыз) кароого тийиш.

### *Добуш укуктарынын контролдук үлүшүнүн учурундагы ыйгарым укуктар*

B35. Эгерде B36-пункт же B37-пункт колдонулбаса гана, инвестициялардын объектинде добуш укуктарынын жарымынан көбүнүн кармоочусу болуп саналган инвестор төмөнкү кырдаалдарда ыйгарым укуктарга ээ:

(a) маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу добуш укуктарынын контролдук үлүшүн кармоочунун добуш берүүсү аркылуу жүзөгө ашырылат, же

(b) маанилүү ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып жаткан башкаруу органынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү добуш берүү укуктарынын контролдук үлүшүн кармоочунун добуш берүүсү менен дайындалат.

### *Ыйгарым укуктар болбогондо добуш укуктарынын контролдук үлүшү*

B36. Инвестиция объектинде добуш укуктарынын жарымынын көбүн кармоочу болуп саналган инвестор инвестиция объектине карата ыйгарым укуктарга ээ болушу үчүн инвестордун добуш укуктары B22 - B25-пункттарга ылайык реалдуу болууга тийиш жана ушул убакыттын учурунда инвесторго маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн берүүгө тийиш, бул көбүнчө ишмердүүлүктүн принциптерин жана каржылоо саясатын белгилөө аркылуу жүзөгө ашырылат. Эгерде кандайдыр бир башка ишкана мындай ишканага маанилүү ишмердүүлүктү ишти башкаруу укугун берсе жана инвестордун агенти болуп саналбаса, инвестордо инвестиция объектине карата ыйгарым укуктар жок.

B37. Эгерде инвестор инвестициялардын объектинде добуш укуктарынын контролдук үлүшүн кармоочусу болуп саналса да, добуш берүүнүн мындай укуктары реалдуу болуп саналбаса, инвестордо инвестициялардын объектине карата ыйгарым укуктар жок.

Мисалы, эгерде маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу өкмөт, сот, мурастын администратору, конкурстук массаны башкаруучу, жоюучу же жөнгө салуучу орган тарабынан жүзөгө ашырылса, инвестициялардын объектинде добуш укуктарынын жарымынан көбүнүн кармоочусу болуп саналган инвестор ыйгарым укуктарга ээ эмес.

*Добуш укуктарынын контролдук үлүшүсүз ыйгарым укуктар*

B38. Эгерде ал инвестициялардын объектинде добуш укуктарынын контролдук үлүшүнүн кармоочусу болуп саналбаса да инвестор ыйгарым укуктарга ээ боло алат. Инвестор инвестициялардын объектинде добуш укуктарынын контролдук үлүшү болуп саналбаган добуш укуктарынын үлүшү болгондо да ыйгарым укуктарга ээ боло алат, мисалы төмөнкүлөрдүн натыйжасында:

(a) инвестор менен добуш укуктарын башка кармоочунун ортосундагы келишимдик макулдашуунун (B39-пунктту караңыз);

(b) башка келишимдик макулдашууларда каралган укуктардын (B40-пунктту караңыз);

(c) инвестордун добуш укуктарынын (B41 - B45-пункттарды караңыз);

(d) потенциалдуу добуш укуктарынын (B47 - B50-пункттарды караңыз); же

(e) (a) - (d) пункттарында көрсөтүлгөн укуктардын айкалышынын.

*Добуш укуктарынын башка кармоочулары менен келишимдик макулдашуулар*

B39. Инвестор менен добуш укуктарын башка кармоочулардын ортосундагы келишимдик макулдашуу, эгерде инвестордо мындай макулдашуусуз ыйгарым укуктардын болушу үчүн анда жетиштүү добуш укуктары болбогондо да, инвестордо ыйгарым укуктардын болушу үчүн жетиштүү добуш укуктарын ишке ашыруу укугун бере алат. Бирок келишимдик макулдашуу инвестор добуш укуктарынын башка кармоочуларынын жетиштүү санын жетектей алаарына, алардын кандай добуш берүүсүнө кепилдик бере алат, бул инвесторго маанилүү ишмердүүлүккө тиешелүү чечим кабыл алууга мүмкүндүк берет.

*Башка келишимдик макулдашууларда каралган укуктар*

B40. Добуш укуктары менен айкалышта чечимдерди кабыл алуу боюнча башка укуктар инвесторго ушул убакыт учурунда маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн бере алат. Мисалы, добуш укуктары менен айкалышта келишимдик макулдашууларда каралган укуктар инвесторго ушул убакыт учурунда инвестиция объектинин өндүрүштүк процессин же инвестиция объектинин кирешесине кыйла таасир көрсөткөн кандайдыр бир башка операциялык же финансылык ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн жетиштүү болушу мүмкүн. Бирок инвестиция объектинин инвестордон экономикалык көз карандылыгынын кандай гана болбосун башка укуктарынын жоктугу (мисалы, берүүчүнүн анын негизги кардары менен мамилелери) инвесторго инвестициялар объектине карата ыйгарым укуктарды бербейт.

*Инвестордун добуш укуктары*

B41. Добуш укуктарынын контролдук үлүшүнө ээ болбогон инвестор, эгерде инвестордо бир тараптуу тартипте маанилүү ишмердүүлүктү башкаруунун иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү болсо, ага ыйгарым укуктарды берүүгө жетиштүү укуктарга ээ.

B42. Ыйгарым укук берүү үчүн инвестордун добуш укуктары жетиштүү болуп саналаарын же жоктугун баалоодо инвестор бардык фактыларды жана жагдайларды, анын ичинде төмөнкүлөрдү карайт:

(a) Төмөнкүлөргө көңүл буруу менен добуш укуктарынын башка кармоочуларынын үлүштөрүн бөлүп жайлаштыруу өлчөмүнө жана даражасына карата инвесторго таандык болгон добуш укуктарынын үлүштөрүнүн өлчөмүн:

(i) инвесторго таандык болгон добуш укуктарынын үлүшү канчалык көп болсо, ушул убакыттын учурунда ага маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүнчүлүк берүүчү укуктардын инвестордо бар экендигинин мүмкүндүгү ошончолук көп;

(ii) добуш укуктарын башка кармоочуларга салыштырмалуу инвесторго таандык добуш укуктарынын үлүшү канчалык көп болсо, ушул убакыттын учурунда ага маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүнчүлүк берүүчү укуктардын инвестордо бар экендигинин мүмкүндүгү ошончолук көп;

(iii) добуш берүүдө инвесторду жеңүү үчүн биргелешип аракеттенүүгө тийиш болгон тараптардын саны канчалык көп болсо, ушул убакыттын учурунда ага маанилүү ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүнчүлүк берүүчү укуктардын инвестордо бар экендигинин мүмкүндүгү ошончолук көп;

(b) алардын кармоочулары болуп инвестор, добуш укуктарынын башка кармоочулары же башка тараптар саналган потенциалдуу добуш укуктары (B47 - B50-пункттарды караңыз);

(c) башка келишимдик макулдашууларда каралган укуктар (B40-пунктту караңыз); жана

(d) акционерлердин мурдагы чогулуштарында добуштарды бөлүштүрүүнүн мүнөзүн кошуп алганда, чечим кабыл алынууга тийиш болгондо, ушул убакыттын учурунда инвестор маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ же ээ эместиги көрсөткөн ар кандай кошумча фактылар жана жагдайлар.

B43. Эгерде маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу боюнча чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынган, добуш укуктарын кармоочулардын ар кандай башка кармоочусуна же уюшкан тобуна караганда инвестор добуш укуктарынын олуттуу көпчүлүк санынын кармоочусу болуп саналган жана башка үлүштөр жетиштүү кеңири жайгаштырылган учурда, анда 42(a) - (c)-пункттарында саналган факторлорду карагандан кийин инвестор инвестициялардын объектине карата ыйгарым укуктарга ээ болору ачык болушу мүмкүн.

| Колдонууга мисалдар |
|---|
| **4-мисал** |
| Инвестор инвестициялар объектисинин добуш берүү акцияларынын 48 пайызына ээ болот. Калган добуш укуктарынын кармоочулары болуп миңдеген акционерлер саналат, алардын ичинен бирөө да добуш укуктарынын 1 пайыздан ашыгына ээ эмес. Акционерлердин ичинен бирөөндө да ар кандай башка акционерлер менен кеңешүүгө же жамааттык чечим кабыл алууга макулдашуулары жок. Акциялардын башка үлүштөрүнүн өлчөмүнө жараша добуш берүүчү акциялардын кандай үлүшүн алууну баалоо менен, акционер ага контролдоону берүү үчүн 48 пайыздык катышуу үлүшү жетиштүү болот деген тыянакка келди. Бул учурда, анын үлүшүнүн абсолюттук өлчөмүнө жана акциялардын башка үлүштөрүнүн өлчөмүнө жараша инвестор ыйгарым укуктардын болушунун ар кандай башка далилдеринин болушу жөнүндө маселени кароонун зарылдыгысыз ыйгарым укуктардын болушунун критерийлерин аткаруу үчүн ал басымдык кылуучу катышуу үлүшүнө жетиштүү өлчөмдө ээ деген корутундуга келди. |
| **5-мисал** |
| А инвесторуна инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 40 пайызы таандык, ал эми башка он эки инвесторго инвестициялар объектинин 5 пайыздан добуш берүү акциялары таандык. Акционерлердин ортосундагы макулдашуу инвесторго кызмат ордуна дайындоо жана кызматтан алуу жана маанилүү ишмердүүлүк үчүн жооп |

берген жетекчиликтин мүчөлөрүнө сыйакыларды белгилөө укугун берет. Макудашууну өзгөртүү үчүн акционерлердин добуштарынын үчтөн эки бөлүгү менен кабыл алынган чечим талап кылынат. Бул учурда А инвестору инвестордун үлүшүнүн абсолюттук өлчөмүнө жана акциялардын үлүштөрүнүн башка салыштырмалуу өлчөмүнө гана жараша ага ыйгарым укуктарды берүү үчүн инвестор жетиштүү укуктарга ээ деген тиешелүү корутунду жасоого болбойт деген тыянакка келди. Бирок, А инвестору макулдашуу менен каралган кызмат ордуна дайындоого, кызматтан алууга жана жетекчиликтин мүчөлөрүнө сыйакыны белгилөө укугу ал инвестициялар объекттерине карата ыйгарым укуктарга ээ деген кортунду чыгарууга жетиштүү деп чечет. А инвестору бул укукту жүзөгө ашырбашы да мүмкүн болгон ошол факт же инвестор жетекчиликтин мүчөлөрүн шайлоо, кызмат ордуна дайындоо же кызматтан алуу боюнча өзүнүн укугун жүзөгө ашыруу мүмкүндүгү А инвестору ыйгарым укуктарга ээ экендигин баалоодо эске алынбайт.

B44. B42(a) - (c) пункттарында баяндалган факторлорду кароонун башка кырдаалдарында инвестор ыйгарым укуктарга ээ эмес деген тыянак жасоого жетиштүү болуп калышы мүмкүн.

Колдонуу мисалдары

**6-мисал**

А инвестору инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 45 пайызынын кармоочусу болуп саналат. Башка дагы эки инвестор бар, алардын ар бирине инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 26 пайызы таандык. Калган добуш берүү акциялары ар бирине 1 пайыздан башка үч акционерге таандык. Чечимдерди кабыл алуу процессин козгогон кандайдыр бир башка сүйлөшүүлөр жок. Бул учурда А инвесторуна таандык акциялардын үлүшүнүн өлчөмүн, ошондой эле башка инвесторлордун акцияларынын үлүштөрүнө карата бул үлүштүн өлчөмүн талдоо А инвестору ыйгарым укуктарга ээ эмес деген кортунду чыгаруу үчүн жетиштүү. Башка эки инвесторго гана инвестициялар объектисинин маанилүү ишмердүүлүгүн башкаруу мүмкүнчүлүгүнөн инвесторду ажыратууну кабарлоо менен аракеттенүү жетиштүү.

B45. Бирок B42(a) - (c)-пунктарында саналып өткөн факторлорду гана талдоо ишенимсиз болуп калышы мүмкүн. Эгерде инвестор көрсөтүлгөн факторлорду карап чыгып, ал ыйгарым укуктарга ээ экендигинен күмөн санаса, ал, мисалы, башка акционерлер пассивдүүбү, акционерлердин мурдагы чогулуштарындагы добуштарды бөлүштүрүүнүн мүнөзү эмнени күбөлөндүрөт деген сыяктуу кошумча фактыларды жана жагдайларды кароого тийиш. Бул B18-пунктунда баяндалган жана B19 жана B20-пункттарында сыпатталган факторлорду баалоону өзүнө камтыйт. Инвесторго добуш берүү укугу канчалык аз таандык болсо жана добуш берүүдө инвесторду жеңүү үчүн биргелешип аракеттенген тараптардын саны канчалык аз болсо, ага ыйгарым укуктарды берүү үчүн инвестордун укуктарынын жетиштүүлүгүн баалоо үчүн ошончолук көп даражада кошумча фактыларга жана жагдайларга таянуу зарыл. Эгерде B18 – B20-пункттарында баяндалган фактылар жана жагдайлар инвестордун укуктары менен бирге каралса, B19 жана B20-пункттарында сыпатталган ыйгарым укуктардын болушунун белгилерине караганда, B18-пунктунда сыпатталган ыйгарым укуктардын болушунун далилдери чоң мааниге ээ болот.

Колдонууга мисалдар

**7-мисал**

Инвестор инвестициялар объектисинин добуш берүү акцияларынын 45 пайызынын кармоочусу болуп саналат. Башка он бир акционерге инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 5 пайызы таандык. Акционерлердин ичинен бирөөндө да башка ар кандай акционерлер менен кеңешүүнүн же жамааттык чечим кабыл алуунун зарылдыгы

© ФОЭС Фонду

жөнүндө келишимдик макулдашуу жок. Бул учурда инвестордун үлүшүнүн абсолюттук өлчөмүн жана башка инвесторлордун акцияларынын үлүштөрүнүн салыштырмалуу өлчөмүн талдоо инвестициялардын объектине карата ага ыйгарым укуктарды берүү үчүн инвестор жетиштүү укуктарга ээ экендигин аныктоодо чечүүчү фактор болуп саналбайт. Инвестор ыйгарым укуктарга ээ же ээ эместигин далилдөөнү камсыз кыла алуучу башка кошумча фактыларды жана жагдайларды кароо зарыл.

**8-мисал**

Инвестор инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 35 пайызынын кармоочусу болуп саналат. Башка үч акционердин ар бирине инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 5 пайызы таандык. Калган добуш берүү акциялары көп сандаган акционерлерге таандык, алардын ичинен бирөө да добуш берүү акцияларынын 1 пайыздан ашыгына ээ эмес. Акционерлердин ичинен бирөөндө да башка ар кандай акционерлер менен кеңешүү же жамааттык чечим кабыл алуу боюнча сүйлөшүүлөр жок. Инвестициялар объектинин маанилүү ишмердүүлүгүн тиешелүү чечимдер акционерлердин тиешелүү чогулуштарында добуштардын көпчүлүгү менен жактырууну талап кылат; акционерлердин жакындагы чогулуштарында инвестициялар объектинин акционерлерининин добуштарынын 75 пайызы берилди. Бул учурда акционерлердин жакындагы чогулуштарына башка акционерлердин активдүү катышуусу башка акционерлердин жетиштүү саны инвестор сыяктуу эле добуш бергендигинин натыйжасында инвестор маанилүү ишмердүүлүктү башкарууну жүзөгө ашыргандыгына карабастан, инвестордо бир тараптуу тартипте маанилүү ишмердүүлүктү башкаруусунун иш жүзүндө мүмкүнчүлүгү болбогондугун көрсөтөт.

B46. Эгерде B42(a) - (d)-пункттарында саналып өткөн факторлорду талдоонун натыйжасында инвестордо ыйгарым укуктардын бар экендиги, инвестор инвестициялар объектисин контролдоого ээ эместиги түшүнүксүз бойдон калат.

### *Потенциалдуу добуш укуктары*

B47. Контролдоону баалоодо инвестор өзүнүн добуш берүүсүнүн мүмкүн болуучу укуктарын, ошондой эле ал ыйгарым укуктарга ээ экендигин белгилөө үчүн башка тараптардын добуш берүүсүнүн мүмкүн болуучу укуктарын карайт. Потенциалдуу добуш укуктары – бул инвестициялар объектинде добуш укуктарын алууга укук, мисалы, форварддык келишимдерди кошуп алганда, конвертирленүүчү инструменттер же опциондор менен байланышкан укуктар сыяктуу. Мындай мүмкүн болуучу добуш укуктары, эгерде алар реалдуу болуп саналган учурда гана эске алынат (B22 - B25-пункттарды караңыз).

B48. Потенциалдуу добуш укуктарын кароодо инвестор инструменттин максатын жана түзүмүн, ошондой эле инвестициялар объектисинде инвестордун катышуусунун ар кандай башка формаларынын максатын жана түзүмүн кароого тийиш. Бул инструменттин ар түрдүү шарттарын, ошондой эле ал макул болгон мындай шарттар боюнча инвесторлордун талашсыз үмүт-тилектерин, жүйөлөрүн жана себептерди камтыйт.

B49. Эгерде инвестор ошондой эле добуш укуктарына же инвестициялар объектисине тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча кандайдыр бир башка укуктарга ээ болсо, инвестор мындай укуктар мүмкүн болуучу добуш укуктары менен айкалышта инвесторго ыйгарым укуктарды берээрин баалоого тийиш.

B50. Өз алдынча же башка укуктар менен айкалышта реалдуу болуп саналган потенциалдуу добуш укуктары инвесторго ушул убакыттын учурунда маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн бере алат. Мисалы, эгерде инвестор инвестициялардын добуш берүү акцияларынын 40 пайызынын кармоочусу болуп саналса жана B23-пунктуна ылайык добуш берүү акцияларынын дагы 20 пайызын сатып алууга опциондор менен

байланышкан реалдуу укуктарга ээ болсо мындай кырдаалдын келип чыгуу мүмкүндүгү болот.

| Колдонууга мисалдар |
|---|
| **9-мисал**<br><br>А инвестору инвестициялар объектисинин добуш берүү акцияларынын 70 пайызынын кармоочусу болуп саналат. В инвесторуна инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын 30 пайызы, ошондой эле А инвесторунун добуш берүү акцияларынын жарымын сатып алуу опциону таандык. Опцион кийинки эки жылдын ичинде бекитилген баа боюнча аткарылышы мүмкүн, ошондой болсо да опционду аткаруу баасы жана рыноктук баа опционду аткарууну пайдасыз кылат (жана көрсөтүлгөн эки жылдык мезгилдин аралыгында опцион аткарылбаган бойдон калышы күтүлөт). А инвестору өзүнүн добуш укугун жүзөгө ашырат жана инвестициялар объектинин маанилүү ишмердүүлүгүн жигердүү башкарат. Мындай учурда А инвестору ыйгарым укуктардын болушунун критерийлерин аткаруу мүмкүндүгү бар, анткени ушул убакыттын учуруна анда маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгү бар. В инвесторунда ушул убакыттын учуруна аткарылышы мүмкүн болгон кошумча добуш берүү акцияларын сатып алууга опциондор болгондугуна карабастан (жана аткарылган учурда инвестициялар объектинин контролдук үлүшү В инвесторуна берилгенде), көрсөтүлгөн опциондордун шарттары мындай, опциондор реалдуу катары бааланбайт.<br><br>**10-мисал**<br><br>А инвесторуна жана башка эки инвесторго инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын үчтөн бири таандык. Инвестициялар объектинин ишкердик ишмердүүлүгү А инвестору менен тыгыз байланышкан. Үлүштүк инструменттерге толуктоодо А инвестору ошондой эле карыздык инструменттердин кармоочусу болуп саналат, алар «зыяны менен» (бирок зыян анча чоң эмес) бекитилген баа боюнча кандай гана болбосун убакытта инвестициялар объектисинин жөнөкөй акцияларына алмаштырылышы мүмкүн. Эгерде карыздык инструменттер алмаштырылуучу болсо, анда А инвестору инвестициялар объектисинде добуш укуктарынын 60 пайызынын кармоочусу болуп калмак. Эгерде карыздык инструменттер жөнөкөй акцияларга алмаштырылган болсо, А инвестору синергияны ишке ашыруу менен пайда тапмак. А инвестору потенциалдуу добуш укуктары менен сатып алууда инвестициялар объектинин добуш берүү акцияларынын кармоочусу болуп саналгандыктан, ал инвестициялар объектине карата ыйгарым укуктарга ээ, алар реалдуу болуп саналат жана инвесторго ушул убакыттын учурунда маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн берет. |

## Добуш укуктары жана ушуга окшош укуктар инвестициялар объектисинин кирешесине олуттуу таасир көрсөтө албаган кырдаалда ыйгарым укуктардын болушу

B51. Инвестициялар объектинин максатын жана түзүмүн баалоодо (B5 – B8-пункттарды караңыз) инвестор катышууну жана инвестициялар объектисин түзүүдө кабыл алынган чечимдерди анын түзүмүнүн бөлүгү катары эске алууга жана операциялардын шарттары жана өзгөчөлүктөрү ага бийлик берүү үчүн жетиштүү укуктар менен инвестордун катышуусун камсыз кылаарын баалоого тийиш. Инвестициялар объектин иштеп чыгууга катышып гана коюу инвесторго контролду берүү үчүн жетишсиз. Бирок, иштеп чыгууга катышуу инвестициялар объектинин үстүнөн ага бийлик берүү үчүн жетиштүү укукту алууга инвестордун мүмкүнчүлүгү болгондугун күрсөтө алат.

B52. Андан тышкары, инвестор инвестициялар объектисин түзүү учурунда белгиленген талап кылуу укугу, сатуу укугу жана жоюуга укук сыяктуу келишимдик мамилелерди эске алууга тийиш. Бул келишимдик макулдашуулар инвестициялар объекти менен тыгыз байланышкан ишмердүүлүктү камтыганда, анда бул ишмердүүлүк маңызы боюнча,

эгерде алар инвестициялар объектинин юридикалык чектеринен тышкары болушу мүмкүн болгондо да, инвестициялар объектинин жалпы ишмердүүлүгүнүн ажырагыс болүгү болуп саналат. Ошондуктан инвестициялар объекти менен тыгыз байланышкан келишимдик макулдашууларга киргизилген чечимдерди кабыл алууга анык же болжолдонгон укуктар инвестициялар объектине карата ыйгарым укуктарды аныктоодо маанилүү ишмердүүлүк катары каралууга тийиш.

B53. Инвестициялардын айрым объекттери үчүн тиешелүү ишмердүүлүк белгилүү бир жагдайлар же окуялар келип чыкканда гана жүзөгө ашырылат. Эгерде мындай конкреттүү жагдайлар же окуялар келип чыкканга чейин, инвестициялар объектиси анын ишмердүүлүгүнүн багыты жана кирешелүүлүгү алдын ала аныкталгандай долбоорлонушу мүмкүн. Бул учурда инвестициялар объектинин ишмердүүлүгү жөнүндө чечим гана, качан бул жагдайлар же окуялар болгондо, анын кирешелүүлүгүнө олуттуу таасир көрсөтүшү жана маанилүү ишмердүүлүк болушу мүмкүн. Инвестор бул чечимдерди кабыл алышы, бийликке ээ болушу үчүн жагдайлар же окуялар милдеттүү түрдө болууга тийиш эмес. Чечимдерди кабыл алуу укугу келип чыккан жагдайларга же болгон окуяларга жараша болот деген ошол факт өзүнөн өзү бул кызыкчылыктарды коргоо укуктарын камсыз кыла албайт.

| Колдонууга мисалдар |
|---|
| **11-мисал**<br><br>Инвестициялар объектисинин ишкердик ишмердүүлүгүнүн бирден-бир түрү болуп анын уюштуруу документтерине ылайык анын инвесторлору үчүн ар күндүк негизде дебитордук карыздарды сатып алуу жана тейлөө саналат. Ар күндүк негизде тейлөө аларды төлөөнүн мөөнөттөрүнүн келип чыгышына жараша карыздын негизги суммасын жана сыйакыны өндүрүп алууну жана которууну камтыйт. Дебитордук карыз боюнча милдеттенмелерди аткарбаган учурда инвестициялардын объекти инвестор менен инвестициялар объектисинин ортосундагы өзүнчө «пут» макулдашуусунда каралгандай дебитордук карызды инвесторго автоматтык түрдө сатат. Маанилүү ишмердүүлүктүн бирден-бир түрү болуп дебитордук карыз боюнча милдеттенмелерди аткарбаган учурда дебитордук карызды башкаруу саналат, анткени бул инвестициялар объектисинин кирешесине олуттуу таасир көрсөтө алган бирден-бир ишмердүүлүк. Дефолт келип чыкканга чейин дебитордук карызды башкаруу маанилүү ишмердүүлүк болуп саналбайт, анткени инвестициялар объектисинин кирешесине олуттуу таасир көрсөтө алган орчундуу чечимдерди кабыл алууну талап кылбайт, - дефолт келип чыкканга чейинки ишмердүүлүк алдын ала аныкталган жана аларды төлөө жана аларды инвесторлорго өткөрүп берүү мөөнөттөрүнүн келип чыгышына жараша акча каражаттарынын агымын өндүрүп алууда гана турат. Ошондуктан дефолт келип чыкканга чейин инвестордун активдерди башкаруу укугу гана инвестициялар объектисинин ишмердүүлүгүн жалпы баалоодо эске алынууга тийиш, ал инвестициялар объектисинин кирешесине олуттуу таасир көрсөтөт.<br><br>Бул мисалда инвестициялар объектинин түзүмү ишке тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча инвестордо ыйгарым укуктардын болушун кепилдейт, ал чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктар талап кылынган дал ошол бирден-бир учурда кирешеге олуттуу таасир көрсөтөт. «Пут» макулдашуусунун шарттары операциялардын жана инвестициялар объектисин түзүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан инвестициялар объектинин уюштуруу документтерин сатып алууда «пут» макулдашуусунун шарттары ал тургай дефолт келип чыкканда гана дебитордук карызга ээлик кылган жана инвестициялар объектисинин юридикалык чек араларынан тышкары мөөнөтү создуктурулган дебитордук карызды жүзөгө ашырган ошол фактыны эске алуу менен, инвестор инвестициялар объектисине карата ыйгарым укуктарга ээ деген корутундуга алып келет.<br><br>**12-мисал**<br><br>Инвестициялар объектинин активинин бирден-бир түрү болуп дебитордук карыз саналат. |

Инвестициялар объектинин максатын жана түзүмүн кароодо маанилүү ишмердүүлүктүн бирден-бир түрү болуп дефолт келип чыкканда дебитордук карызды башкаруу саналат. Мөөнөтү өткөн дебитордук карызды башкаруу мүмкүнчүлүгү бар тарап зайым алуучулардын кимдир-бирөө дефолт абалында калгандыгына карабастан, инвестициялар объектисине карата ыйгарым укуктарга ээ.

B54. Инвестор инвестициялар объекти өз ишмердүүлүгүн иштелип чыккан долбоорго ылайык улантаарын камсыз кылуучу так билдирилген же божомолдонуучу милдеттенмеге ээ болууга тийиш. Мындай милдеттенме кирешенин өзгөрүлмөлүүлүгү менен байланышкан инвестордун тобокелдигин көбөйтө алышы жана ушундай түрдө ага ыйгарым укуктарды берүүгө жетиштүү укуктарды инвестордун алышы үчүн өбөлгөнү көбөйтүшү мүмкүн. Тиешелүү түрдө, инвестициялар объекти өз ишмердүүлүгүн иштелип чыккан долбоорго ылайык жүзөгө ашыраарын камсыз кылуу милдеттенмеси инвестордо ыйгарым укуктардын болушунун көрсөткүчү болуп саналат, бирок мындай жагдай өзүнөн өзү инвесторго ыйгарым укуктарды бербейт жана кайсы-бир тарапта ыйгарым укуктардын болушуна тоскоолдук кылбайт.

## Инвестициялар объектинен алынган өзгөрүлмө кирешелер менен байланышкан тобокелдиктер жана инвестициялар объектинен киреше алууга укуктар

B55. Инвестор инвестициялардын үстүнөн контролго ээ экендигин баалоо менен инвестор ал инвестициялар объектине катышуудан өзгөрүлмө киреше менен байланышкан тобокелдиктерге дуушар болорун же болбостугун жана анын мындай кирешеге укугу бар экендигин же жоктугун белгилөөгө тийиш.

B56. Өзгөрүлмө киреше – бул белгиленген болуп саналбаган жана инвестициялар объектисинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна жараша алмашылышы мүнкүн болгон киреше. Өзгөрүлмө киреше оң гана, терс гана же оң да, терс да болушу мүмкүн (15-пунктту караңыз). Инвестор инвестициялар объектинен алынган киреше өзгөрүлмө болуп саналаарына, ошондой эле макулдашуунун маңызына жана кирешенин юридикалык формасына карабастан, мындай кирешенин өзгөрүлмөлүүлүгүнүн даражасын баалоого тийиш. Мисалы, инвестор бекитилген сыйакы менен облигациялардын кармоочусу болушу мүмкүн. Ушул стандарттын контекстинде белгиленген пайыздык төлөмдөр өзгөрүлмө киреше болуп саналат, анткени дефолт тобокелине дуушар болгондор жана инвесторду облигациялардын эмитетинин кредиттик тобокелдигине дуушар кылат. Өзгөрүлмөлүүлүктүн даражасы (башкача айтканда мындай киреше канчалык өзгөрүлмөлүү) облигация менен байланышкан кредиттик тобокелдикке жараша болот. Ушуга окшош түрдө инвестициялар объектинин активдерин башкарууда жетишилген белгилүү бир натыйжалар үчүн бекитилген төлөм өзгөрүлмө киреше болуп саналат, анткени ал инвесторду инвестициялар объектинин милдеттенмелерин аткарбоо тобокелдигине дуушар кылат. Өзгөрүлмөлүүлүктүн даражасы инвестициялар объектинин акы төлөөнү жүргүзүү үчүн жетиштүү киерешени топтоо жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

B57. Кирешенин мисалдары катары төмөнкүлөрдү атоого болот:

(a) дивиденддерди, инвестициялар объектинен экономикалык пайдаларды бөлүштүрүүнү (мисалы, инвестициялар объекти тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздардан пайыздарды) жана инвестор тарабынан инвестициялардын мындай объектине жасалган инвестициялардын наркындагы өзгөртүүнү;

(b) инвестициялар объектинин активдерин же милдеттенмелерин тейлөө үчүн сыйакыны, кредиттик колдоодон же ликвиддүүлүктү камсыз кылуудан гонорарды жана чыгымдын тобокелдигин, инвестициялар объектинин активдерине жана милдеттенмелерине катышуунун калдык үлүштөрүн, салыктык жеңилдиктерди жана инвестициялар объектине инвестордун катышуусунан келечектеги ликвиддүүлүккө жеткиликтүүлүктү;

(c) катышуу үлүшүнүн башка кармоочулары үчүн жеткиликтүү эмес кирешени. Мисалы, инвестор өзүнүн активдерин инвестициялар объектинин активдери менен айкалыштырууда пайдалана алмак, мисалы, инвестордун башка активдеринин наркын көбөйтүү үчүн масштабынан, коромжуларды төмөндөтүүдөн үнөмдөөгө жетишүү, таңсык товарларды берүүчүлөрдү издөө, патенттелген билимдерге карата жеткиликтүүлүктү алуу же айрым операцияларга же активдерге чектөөлөрдү салуу максатында операциялык функцияларды бириктирүү.

## Ыйгарым укуктар менен кирешенин ортосундагы байланыш

## Берилген ыйгарым укуктар

B58. Чечим кабыл алууга укугу бар инвестор (чечим кабыл алуучу жак) тарабынан ал инвестициялардын үстүнөн контролдоого ээ экендигин баалоодо инвестор принципал же агент болуп саналаарын же жоктугун аныктоого тийиш. Инвестор ошондой эле инвестор үчүн агент катары аракеттенген, чечим кабыл алууга укугу бар кандайдыр бир башка ишкана бар экендигин аныктоого тийиш. Агент – бул баарынан мурда башка тараптын же тараптардын (принципал (приципалдар)) атынан ишти жүзөгө ашыруу максатында тартылган тарап жана ошондуктан чечимдерди кабыл алуу боюнча алар тарабынан өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда агент инвестициялар объектинин үстүнөн контролго ээ эмес (17 жана 18-пункттарды караңыз). Ошентип, кээде принципалдын ыйгарым укуктары агенттин карамагында болуп калышы мүмкүн, ал аларды приципалдын атынан гана пайдалана алат. Чечим кабыл алуучу жак башка тараптар мындай жак кабыл алган чечимдерден пайда табышы мүмкүн болгондуктан гана агент болуп саналбайт.

B59. Инвестор айрым белгилүү бир маселелерге же бүтүндөйүнөн маанилүү ишмердүүлүккө тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын агентке өкүлдөй алат. Ал инвестициялар объектинин үстүнөн контролго ээ экендигин баалоо менен, инвестор анын агентине өкүлдөнгөн чечим кабыл алуу укугун инвестордун тикелей карамагында болгон укук катары кароого тийиш. Бир нече принципалдар жагындагы кырдаалдарда алардын ар бири B5 – B54-пункттарда баяндалган талаптарды талдоо менен, ал инвестициялардын объектине карата ыйгарым укуктарга ээ экендигин баалоого тийиш. B60 - B72-пункттарда чечим кабыл алган жак агент же принципал болуп саналарын кандай аныктоо керектиги жагынан колдонмо камтылат.

B60. Чечим кабыл алган жак өз ара, алар тарабынан башкарылган инвестициялар объектинде катышкан инвестициялар объектинин жана башка тараптардын ортосундагы мамилелерди, мындай мамилелердин бардык көрүнүштөрүн жана өзгөчө ал агент болуп саналаары же жоктугу жөнүндө чечим кабыл алуу менен, төмөндө баяндалган факторлорду талдоого тийиш:

(a) инвестициялар объектине тиешелүү чечимдерди кабыл алуу боюнча анын ыйгарым укуктарынын чектерин (B62 жана B63-пункттар).

(b) башка тараптардын укуктарын (B64 - B67-пункттар).

(c) сыйакы төлөө жөнүндө макулдашууга (макулдашууларга) ылайык ал ага укугу бар сыйакыны (B68 - B70-пункттар).

(d) ал кармоочусу болуп саналган инвестициялар объектинде башка инвесторлордон кирешенин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланыштуу чечим кабыл алган жактын тобокелдиктери (B71 жана B72-пункттар).

Конкреттүү факторлордон жана жагдайлардан улам көрсөтүлгөн факторлор ар кандай салмакка ээ.

B61. Кандайдыр-бир бир тарапта чечим кабыл алган адамды кызмат ордунан четтетүүгө (четтетүү укугу) реалдуу укугу болгон жана мындай тарап себептерин көрсөтпөстөн чечим кабыл алган адамды четтете алган учурларды кошпогондо, чечим кабыл алган жак

агент болуп саналарын же жоктугун аныктоо B60-пунктунда саналып өткөн бардык факторлорду баалоону талап кылат (B65-пунктту караңыз).

*Чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктардын чектери*

B62. Чечим кабыл алган жактын ыйгарым укуктарынын чектери төмөнкү факторлорду талдоонун негизинде бааланат:

(a) чечимдерди кабыл алуу жөнүндө макулдашууга (макулдашууларга) ылайык уруксат берилген жана мыйзам менен белгиленген ишмердүүлүктүн, жана

(b) мындай ишке тиешелүү чечимдерди кабыл алууда чечим кабыл алган жак ээ болгон ыктыярдуу укуктун.

B63. Чечим кабыл алган жак инвестициялар объектинин максатын жана түзүмүн, инвестициялар объектин уюштурууда аларды кабыл алуу пландаштырылган тобокелдиктерди, катышкан тараптарга өткөрүп берүү үчүн аларды кабыл алуу пландаштырылган тобокелдиктерди, ошондой эле инвестициялар объектин уюштурууда чечим кабыл алган жактын катышуусунун даражасын кароого тийиш. Мисалы, эгерде чечим кабыл алган жак инвестициялардын объектин уюштурууда олуттуу өлчөмдө катышса (чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктардын белгилүү бир чектерин кошуп алганда), мындай катышуу чечим кабыл алган жакта чечим кабыл алган жакка маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн берген укукту алууга мүмкүнчүлүк жана өбөлгө болгондугун көрсөтө алат.

*Башка тараптардын укуктары*

B64. Башка тараптардын реалдуу укуктары чечим кабыл алган адамдын инвестициялар объектинин маанилүү ишмердүүлүгүн башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир көрсөтө алат. Четтетүүгө реалдуу укуктардын же башка укуктардын болушу чечим кабыл алган жак агент болуп саналарын көрсөтө алат.

B65. Эгерде бир тарап четтетүүнүн реалдуу укуктарына ээ болгон жана себептерин көрсөтпөстөн чечим кабыл алган адамды кызмат ордунан бошото алса, бул чечим кабыл алган жак агент болуп саналат деп корутундуга чыгарууга жетиштүү болот. Эгерде мындай укуктарга бир нече тарап ээ болсо (жана алардын ичинен бирөө да башка тараптардын макулдугусуз чечим кабыл алган адамды кызмат ордунан четтете албаса), анда чечим кабыл алган адам баарынан мурда башка жактардын атынан жана кызыкчылыктарынан аракеттене алаарын аныктоодо мындай укуктардын болушу өзүнөн өзү чечүүчү фактор болуп саналбайт. Андан тышкары, чечим кабыл алган жакты четтетүү укугун жүзөгө ашыруу үчүн биргелешип аракеттенүүгө тийиш болгон тараптардын саны канчалык көп болсо жана чечим кабыл алган жактын башка экономикалык кызыкчылыктарынын көлөмү канчалык чоң болсо (башкача айтканда, сыйакы жана башка катышуу үлүшү), ушул фактор ошончолук аз салмакка ээ болот.

B66. Ушуга окшош четтетүү укуктары чечим кабыл алган жак агент болуп саналаарын аныктоодо чечим кабыл алган жактын ыктыярдуу укугун чектеген башка тараптардын реалдуу укуктарын талдоо зарыл. Мисалы, чечим кабыл алуучу, өзүнүн иш-аракеттерине карата башка тараптардын көп эмес санын жактырусун алууга милдеттүү болгон жак, эреже катары, агент болуп саналат. (B22 - B25-пункттарда укуктар реалдуу болуп саналарын же жоктугун кантип аныктоого тиешелүү кошумча колдонмо камтылган).

B67. Башка тараптардын укуктарын жана чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарга алардын таасирин талдоо инвестициялардын объектинин директорлор кеңеши (же башка башкаруу органы) тарабынан ишке ашырылышы мүмкүн болгон ар кандай укуктарды камтууга тийиш (B23(b)-пунктту караңыз).

*Сыйакы*

B68. Чечим кабыл алган жакка сыйакынын көлөмү жана инвестициялар объектинин ишмердүүлүгүнөн алуу күтүлүп жаткан кирешеге карата сыйакынын даражасы канчалык

көп болсо, чечим кабыл алган жак принципал болуп саналарынын ыктымалдыгы ошончолук чоң.

B69. Чечим кабыл алган жак принципал же агент болуп саналарын же жоктугун аныктоодо мындай жак ошондой эле төмөнкү шарттардын болушу жөнүндө маселени кароого тийиш:

(a) Чечим кабыл алган жакка кызмат көрсөтүүлөргө теңдеш сыйакы төлөө.

(b) Сыйакы төлөп берүү тууралуу макулдашуу демейде ушуга окшош кызмат көрсөтүүлөрдү берүү жөнүндө макулдашууларда болгон мындай мөөнөттөрдү, шарттарды же суммаларды камтыйт, ал эми зарыл квалификациялардын деңгээли стандарттык коммерциялык шарттарда аныкталат.

B70. Эгерде B69(a) жана (b) пункттарында баяндалган шарттар гана аткарылбаса, чечим кабыл алган жак агент боло албайт. Бирок көрсөтүлгөн шарттарды аткаруу чечим кабыл алган жак агент болуп саналат деп корутунду чыгаруу үчүн өзүнөн өзү жетиштүү болуп саналбайт.

*Башка кызыкчылыктардан кирешенин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланыштуу тобокелдиктер*

B71. Инвестициялар объектинде башка кызыкчылыктары бар чечим кабыл алган жак (мисалы, инвестициялар объектиндеги инвестициялар же инвестициялар объектинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна карата кепилдиктерди берүү) ал агент болуп саналарын баалоодо мындай кызыкчылыктардан кирешенин өзгөрүлмө мүнөзү менен байланышкан өзүнүн тобокелдиктерин кароого тийиш. Инвестициялар объектинде башка кызыкчылыктардын болушу чечим кабыл алган жак приципал болушу мүмкүн экендигин көрсөтөт.

B72. Инвестициялар объектинде башка кызыкчылыктардан кирешенин өзгөрүлмө мүнөзү менен байланышкан өзүнүн тобокелдиктерин баалоо менен, чечим кабыл алган жак төмөнкү суроолорду карап чыгууга тийиш:

(a) анын сыйакысын жана башка кызыкчылыктарын бирге эске алуу менен анын экономикалык кызыкчылыктарынын көлөмү жана мындай кызыкчылыктар менен байланышкан өзгөрүлмөлүүлүк даражасы канчалык чоң болсо, чечим кабыл алган жак принципал болуп саналарынын ыктымалдыгы ошончолук чоң.

(b) башка инвесторлордун тобокелдиктеринен кирешенин өзгөрүлмөлүүлүгү менен байланышкан анын тобокелдиктери айырмаланабы жана эгерде айырмаланса, бул анын иш-аракетине таасирин көрсөтө алат беле. Мисалы, чечим кабыл алган жак инвестициялар объектинде субординацияланган үлүштүн кармоочусу болуп саналса же инвестициялардын объекти үчүн кредиттик сапатты жогорулатуунун башка формаларын камсыз кылса, мындай кырдаал келип чыгышы мүмкүн.

Чечим кабыл алган жак инвестициялар объектинен жыйынды кирешенин өзгөрүлмө мүнөзү менен байланышкан өзүнүн тобокелдиктерин баалоого тийиш. Бул баалоо баарынан мурда инвестициялар объектинин ишмердүүлүгүнөн күтүлгөн кирешеге таянуу менен жүргүзүлөт, бирок ошондой эле чечим кабыл алган жакта башка кызыкчылыктардын болушуна байланыштуу инвестициялар объектинен кирешелердин өзгөрүлмө мүнөзү менен байланышкан чечим кабыл алган жактын максималдуу тобокелдикке дуушар болушун эске алууга тийиш.

| Колдонууга мисалдар |
|---|
| **13-мисал**<br><br>Чечим кабыл алган жак (фонддун башкаруучусу) жергиликтүү мыйзамдар жана ченемдик актылар талап кылгандай, инвестициялык мандатта баяндалган атайын |

аныкталган көрсөткүчтөргө ылайык баалуу кагаздардын уюштурулган рыногунда жүгүртүлүүчү жөнгө салынуучу фондду уюштурат, рынокто жарнамалайт жана башкарат. Фонд баалуу кагаздардын уюштурулган рыногуна кайрылган ишканалардын үлүштүк баалуу кагаздарынын диверсификацияланган портфелине инвестициялар катарында инвесторлордун алдында жарнамаланган. Белгиленген параметрлердин алкагында фонддун башкаруучусу аларга капитал киргизүүчү активдерди тандоого карата ыктыяры боюнча укукка ээ. Фонддун башкаруучусу фондго 10 пайызга пропорционалдуу инвестицияларды жасаган жана өз кызмат көрсөтүүлөрү үчүн фонддун активдеринин таза наркынан 1 пайызга барабар рыноктук гонорар алат. Гонорар көрсөтүлгөн кызматтарга барабар. Башкаруучу чыгымдарды 10 пайыздык катышуунун чектеринде гана каржылоо боюнча милдеттенмелерди алат. Инвесторлор чечимдерди кабыл алуу боюнча фонддун башкаруучусунун ыйгарым укуктарына таасир эте ала тургандай реалдуу укуктарга ээ эмес, бирок фонд тарабынан белгиленген белгилүү бир чектөөлөрдүн алкактарында өзүнүн катышуу үлүштөрүн жүгүртүүдөн алып кое алат.

Башкаруучу инвестициялык мандатта баяндалган көрсөткүчтөрдүн алкагында жана жөнгө салуучу органдардын талаптарына ылайык аракет кылганына карабастан, фонддун башкаруучусу ага азыркы учурда фонддун маанилүү ишмердүүлүгүн башкарууга мүмкүндүк берген чечимдерди кабыл алуу укугуна ээ, инвесторлор чечимдерди кабыл алуу боюнча фонддун башкаруучусунун ыйгарым укуктарына таасир көрсөтө ала тургандай реалдуу укуктарга ээ эмес. Фонддун башкаруучусу өзүнүн кызмат көрсөтүүлөрү үчүн рыноктук гонорар алат, ал берилген кызмат көрсөтүүлөргө барабар, ошондой эле фондго пропорционалдуу инвестицияларды жасайт. Фонддун башкаруучусунун сыйакысы жана инвестициялары ага фонддун ишмердүүлүгүнүн кирешесинин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан тобокелдиктерди жаратат, бирок мындай тобокелдиктердин өлчөмү фонддун башкаруучусу принципал болуп саналгандыгын көрсөткөн катарында кароого мүмкүн боло тургандай анча олуттуу болуп саналбайт.

Бул мисалда фонддун кирешесинин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланыштуу фонддун башкаруучусу дуушар болгон тобокелдиктерди кароо чектелген параметрлердин алкактарында чечимдерди кабыл алуу боюнча анын ыйгарым укуктары менен чогуу фонддун башкаруучусу агент экендигин көрсөтөт. Ошентип, фонддун башкаруучусу ал фонддун үстүнөн контролдукка ээ эмес деген жыйынтык чыгарат.

**14-мисал**

Чечим кабыл алган жак бүтүндөй бир катар инвесторлорго инвестициялык мүмкүндүктөрдү берүүчү фондду уюштурат, рынокто жарнамалайт жана фондду башкарат. Чечим кабыл алган жак (фонддун башкаруучусу) чечимдерди бардык инвесторлордун кызыкчылыктарын жетекчиликке алуу менен жана фондду башкаруу жөнүндө макулдашууларга ылайык кабыл алуусу керек. Ошентсе да, фонддун башкаруучусу чечимдерди кабыл алуу маселелеринде аракеттердин кеңири эркиндигине ээ. Фонддун башкаруучусу өз кызматтары үчүн пайданын белгиленген деңгээлине жеткен шартта башкарылуучу активдердин 1 пайызына жана фонддун жалпы пайдасынын 20 пайызына барабар рыноктук гонорар алат. Гонорар берилген кызмат көрсөтүүлөргө барабар.

Буга карабастан фонддун башкаруучусу бардык инвесторлордун кызыкчылыктарын жетекчиликке алуу менен чечим кабыл алууга тийиш, ал фонддун маанилүү ишмердүүлүгүн башкаруунун алкагында чечимдерди кабыл алуу маселелеринде кеңири эркин аракеттерге ээ. Фондду башкаруучу бекитилген гонорарды жана фонддун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизинде эсептелген, кызмат көрсөтүүлөргө барабар болгон гонорарды алат. Андан тышкары, сыйакы фонддун наркын көбөйтүүдө фонддун ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешенин абдан олуттуу өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан тобокелдиктерди жаратпоо менен фонддун башкаруучусунун кызыкчылыгын жана башка инвесторлордун кызыкчылыктарын бир катарга коет, сыйакынын өзү фонддун башкаруучусу принипиал болуп саналарын көрсөтүп турат.

Жогоруда келтирилген мисалдын иш жүзүндөгү жагдайлары жана талдоосу төмөндө көрсөтүлгөн 14А - 14С-мисалдарына жайылтылат. Ар бир мисал өзүнчө каралат.

**14А-мисал**

Фонддун башкаруучусу ошондой эле фонддун 2 пайыз инвестициясын кармап турат, ал анын үлүшүн жана башка инвесторлордун үлүштөрүн теңештирет. Фонддун башкаруучусу өзүнүн 2 пайыздык инвестициясынын чегинде гана чыгымдарды каржылоо боюнча милдеттенмелерди аркалайт. Инвесторлор көпчүлүк добуш менен фонддун башкаруучусун четтете алат, бирок келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн гана.

Фонддун башкаруучусу, абдан олуттуу тобокелдиктерди болтурбоо менен фонддун ишмердүүлүгүнөн алынган кирешенин өзгөрмө мүнөзүнө байланыштуу тобокелдиктерге карата инвестицияларды 2 пайыз көлөмүндө көбөйтөт, бул фонддун башкаруучусу принципиал болуп саналарын көрсөтүп турмак. Башка инвесторлордун укугу фонддун башкаруучусу тарабынан четтетилиши кызыкчылыктарды коргоо укугу катары бааланат, анткени ал келишим шарттары бузулган учурда гана ишке ашырылат. Бул мисалда фонддун башкаруучусу чечимдерди кабыл алуу маселелеринде кеңири эркин аракеттерге ээ болгонуна карабастан, анын катышуу үлүшүнүн кирешесинин өзгөрмө мүнөзү менен байланышкан тобокелдиктерге кабылат жана тобокелдин алдында сыйакылары, сумманын көлөмү фонддун башкаруучусу агент болуп саналарын көрсөтөт. Ошентип, фонддун башкаруучусу фонддун үстүнөн контролго ээ эмесмин деген тыянакка келет.

**14В-мисал**

Фонддун башкаруучусу фондо кыйла олуттуу пропорционалдуу инвестицияларды кармап турат жана анын инвестициясынын чегинде зыяндарды каржылоо боюнча милдеттенмелерди аркалайт. Инвесторлор жөнөкөй көпчүлүк добуш менен фонддун башкаруучусун четтете алат, бирок келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн гана.

Ушул мисалда фонддун башкаруучусун четтетүү боюнча башка инвесторлордун укугу кызыкчылыктарды коргоо укугу катары бааланат, анткени ал келишим шарттары бузулган учурда гана ишке ашырылат. Фонддун башкаруучусу бекитилген гонорар жана көрсөтүлгөн кызматтарга барабар болгон, фонддун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизинде эсептелген гонорар аларына карабастан, фонддун башкаруучусунун инвестициясы анын сыйакысы менен бирге фонддун ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешенин өзгөрүлмөлүүлүгүнө байланыштуу тобокелдикке алып келмек жана тобокелдиктин алдындагы сумма абдан олуттуу болмок, бул болсо фонддун башкаруучусунун принципиал болуп саналарын көрсөтмөк. Фонддун башкаруучусунун экономикалык кызыкчылыктарынын көлөмү жана мындай кызыкчылыктардын өзгөрүлмөлүгүнүн даражасы (сыйакыларды жана башка катышуулардын үлүшүнүн жыйындысын эске алуу менен) канчалык чоң болсо, фонддун башкаруучусу тарабынан талдоодо мындай экономикалык кызыкчылыктарга көбүрөөк салмак берилет жана фонддун башкаруучусу принципиал болуп саналарына көбүрөөк ыктымалдуулук болот.

Мисалы, фонддун башкаруучусу өзүнүн сыйакысын жана башка факторлорду кароо менен, анын фондду контролдоосу жөнүндө тыянак чыгаруу үчүн 20 пайыз өлчөмүндөгү инвестиция жетиштүү болуп саналарына корутунду чыгармак. Бирок башка жагдайларда (башкача айтканда, сыйакынын же башка факторлордун өлчөмү жогоруда баяндалгандардан айырмасы), контроль инвестициянын башка деңгээлинде пайда болушу мүмкүн.

**14С-мисал**

Фонддун башкаруучусу фонддогу пропорционалдык инвестицияларды 20 пайыз өлчөмүндө кармайт жана анын 20 пайыздык инвестицияларынын чегинде чыгымдарды каржылоо боюнча милдеттенмелерди тартат. Фонддо директорлор кеңеши бар, анын бардык мүчөлөрү фонддун башкаруучусуна карата көз карандысыз болуп саналат жана

© ФОЭС Фонду

башка инвесторлор тарабынан дайындалган. Директорлор кеңеши фонддун башкаруучусун жыл сайын дайындайт. Эгерде директорлор кеңеши фонддун башкаруучусу менен келишимди жаңыртпоону чечсе, башкаруучу фонд берүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү бул тармакта иштөөчү башка башкаруучулар да бериши мүмкүн.

Фонддун башкаруучусу белгиленген гонорарды жана фонддун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизинде эсептелүүчү жана берилген кызмат көрсөтүүлөр менен салыштырып өлчөнүүчү гонорарды алгандыгына карабастан, фонддун башкаруучусунун 20 пайыз өлчөмүндөгү инвестициялары анын сыйакылары менен чогуу алганда, фонддун ишмердүүлүгүнөн түшүүчү кирешенин өзгөрүлмөлүгүнө байланышкан тобокелдиктерге алып келиши ыктымал жана тобокелдик астындагы сумма фонддун башкаруучусу принципал болуп саналгандагыдай орчундуу болуп калышы мүмкүн. Бирок инвесторлор фонддун башкаруучусун четтетүүгө реалдуу укукка ээ болот: директорлор кеңеши, эгерде инвесторлор ушундай кылууну чечсе, фонддун башкаруучусун четтетүүгө мүмкүндүк берүүчү механизмге ээлик кылат.

Бул мисалда фонддун башкаруучусу өз талдоосунда аны четтетүүнүн реалдуу укуктарына чоң маани берет. Ошентип, бул мисалда, фонддун башкаруучусу чечимдерди кабыл алуу маселелеринде аракеттердин кеңири эркиндигине ээ болгондугуна жана анын сыйакыларынан жана инвестицияларынан болуучу кирешенин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан тобокелдиктерге кабыла турганына карабастан, башка инвесторлордун реалдуу укуктары фонддун башкаруучусу агент болуп саналарын көрсөтөт. Ошентип, фонддун башкаруучусу фонддун үстүнөн контролго ээ боло албайм деген корутундуга келет.

**15-мисал**

Инвестиция объекти белгиленген ставкасы бар, активдер менен камсыз кылынган портфелди алуу максатында түзүлгөн, ал сыйакы төлөөнүн белгиленген ставкасы бар карыздык жана үлүштүк инструменттер аркылуу каржыланат. Үлүштүк инструменттер карыздык инструменттердин инвесторлорун баштапкы зыяндардан коргоого жана инвестиция объектинин калдык кирешесин алууга арналган. Операция карыздык инструменттердин потенциалдуу инвесторлоруна баалуу кагаздар активдери менен камсыздалган, кредиттик тобокелдиги бар портфелге инвестиция катары көрсөтүлгөн, бул кредиттик тобокелдик баалуу кагаздар активдери менен камсыз кылынган портфелдин эмитенттеринин мүмкүн болуучу дефолтуна жана портфелди башкарууга байланышкан кредиттик тобокелдикке жараша болот. Портфелди түзүүдө үлүштүк инструменттер ага алынган активдердин наркынын 10 пайызын түзөт. Чечим кабыл алуучу жак жүгүртүүдө турган активдердин портфелин башкарат, ал инвестиция объектинин проспектинде баяндалган параметрлердин алкагында инвестициялык чечимдерди кабыл алат. Активдердин башкаруучусу өз кызмат көрсөтүүлөрү үчүн бекитилген (б. а. анын башкаруусунда турган активдердин 1 пайызы өлчөмүндө) рыноктук гонарарды жана инвестиция объектинин алган пайдасы белгиленген деңгээлден ашкан шартта, ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун негизинде эсептелип чыгуучу (б. а. пайданын 10 пайызы өлчөмүндө) гонорарды алат. Гонорар берилген кызмат көрсөтүүлөргө барабар болот. Активдердин башкаруучусуна инвестиция объектинин үлүштүк инструменттеринин 35 пайызы таандык болот. Үлүштүк инструменттердин калган 65 пайызы жана бардык карыздык инструменттер кеңири жайгашкан, көз карандысыз үчүнчү тараптар болуп саналган көп сандагы инвесторлорго таандык. Активдердин башкаруучусу себептерди көрсөтпөстөн башка инвесторлордун жөнөкөй көпчүлүк добушунун чечими менен четтетилиши мүмкүн.

Активдердин башкаруучусу белгиленген гонорарды жана ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун негизинде эсептелген, берилген кызмат көрсөтүүлөргө барабар болгон гонорарды алат. Сыйакы портфелдин наркын көбөйтүүдө активдердин башкаруучусунун кызыкчылыгын жана башка инвесторлордун кызыкчылыгын бир катарга коет. Активдердин башкаруучусу сыйакыдан жана фонддун ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешенин өзгөрүлмө мүнөзү менен байланышкан тобокелдиктерге кабылат, анткени ал капиталдын 35 пайызын кармоочу болуп саналат.

Активдердин башкаруучусу инвестиция объектинин проспектинде баяндалган параметрлердин алкагында аракет жасагандыгына карабастан, анын ошол убакта инвестиция объектинин кирешесине олуттуу таасир көрсөткөн инвестициялык чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүгү бар, ал эми башка инвесторлор ээлик кылган четтетүү укуктары талдоодо анчалык деле чоң мааниге ээ болбойт, анткени бул укуктар таркалышы көп сандагы кеңири инвесторлорго таандык болот. Бул мисалда активдердин башкаруучусу карыздык инструменттерге карата субординациялуу болуп саналган өзүнүн капиталдагы үлүшүнөн болуучу фонддун кирешелеринин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан өз тобокелдиктерине чоң маани берет. Капиталда 35 пайыздык үлүштүн бар болушу зыяндардын субординацияланган тобокелдигин жана инвестиция объектинен болуучу кирешеге укукту түзөт, алардын көлөмүнүн орчундуулугу активдердин башкаруучусу принципал болуп саналарын көрсөтөт. Ошентип, активдердин башкаруучусу ал инвестиция объектисинин үстүнөн контролго ээлик кылат деген корутундуга келет.

**16-мисал**

Чечим кабыл алган жак (демөөрчү) көп багыттуу кондуитти демөөрлөйт, бул кондуит байланышка кирбеген үчүнчү жактар болуп саналуучу инвесторлорго кыска мөөнөттүк карыздык инструменттерди чыгарат. Потенциалдуу инвесторлорго бул операция рейтинги жогору болгон жана портфелдин активдеринин эмитенттеринин болушу ыктымал дефолтуна байланышкан минималдуу кредиттик тобокелдиги бар, орто мөөнөттүк активдер портфелине салымдар катары көрсөтүлгөн. Ар түрдүү цеденттер жогорку сапаттагы орто мөөнөттүү активдердин портфелин кондуитке сатат. Ар бир цедент ал кондуитке саткан активдер портфелин тейлейт жана рыноктук гонорардан улам дефолт келип чыкканда дебитордук карызды башкарат. Ар бир цедент ошондой эле өзүнүн портфелинен болгон кредиттер боюнча жоготууларга карата баштапкы зыяндардан коргоону камсыз кылат, бул болсо кондуитке берилген активдерди ашыкча камсыз кылуу аркылуу жүргүзүлөт. Демөөрчү кондуиттин шарттарын белгилейт жана кондуиттин операцияларын рыноктук гонарар алуу менен башкарат. Гонорар болсо берилген кызмат көрсөтүүлөргө барабар болот. Демөөрчү кондуитке инструменттерди сатууга уруксат берилген сатуучуларды бекитет, кондуит ала турган активдерди бекитет жана кондуитти каржылоо жөнүндө чечим кабыл алат. Демөөрчү бардык инвесторлордун кызыкчылыктарын жетекчиликке алуу менен иш жүргүзүшү керек.

Демөөрчү кондуиттин калдык кирешесине укуктуу болот, кондуитке кредиттик сапатты жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү берет. Демөөрчү камсыз кылуучу кредиттик сапатты колдоого алат, зыяндарды цеденттер жапкандан кийин кондуиттин бардык активдеринин 5 пайызына чейинки зыяндарды жабат. Ликвиддүүлүктү камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр жоюла элек активдер боюнча берилбейт. Инвесторлор демөөрчүнүн чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарына таасир көрсөтө турган реалдуу укуктарга ээ эмес.

Демөөрчү өз кызмат көрсөтүүлөрү үчүн рыноктук гонорар ала тургандыгына жана бул гонорар ал көрсөткөн кызматтарга барабар экенине карабастан, демөөрчү анда кондуиттин калдык кирешесине укугу бар экендигинин жана анын кредиттик сапатты жана ликвиддүүлүктү колдоого алуу боюнча кызматтарды көрсөтүүсүнүн натыйжасында, кондуиттин ишмердигинен болуучу кирешенин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан тобокелдиктерге кабылат (башкача айтканда, орто мөөнөттүк активдерди каржылоо үчүн кыска мөөнөттүк карыздык инструменттерди колдонууда кондуит ликвиддүүлүк тобокелдигине кабылат). Цеденттердин ар бири кондуиттин активдеринин наркына таасир кылуучу чечимдерди кабыл алууга укугу бар экенине карабастан, демөөрчү ошол убакта кондуиттин кирешесине бир кыйла олуттуу таасир көрсөтүп жаткан ишмердүүлүктү башкарууга мүмкүндүк берген чечимдерди кабыл алуу маселелеринде аракет кылуунун кеңири эркиндигине ээ болот (башкача айтканда, демөөрчү кондуиттин шарттарын белгиледи, кондуиттин активдерине (сатып алынуучу активдерди жана мындай активдердин цеденттерин бекитүүгө) жана каржылануусуна тиешеси бар чечимдерди кабыл алат (бул үчүн жаңы инвестицияларды ар дайым издөө зарыл)). Кондуиттин калдык кирешесине укук алуу жана кредиттик сапатты жана

ликвиддүүлүктү колдоого алуу боюнча кызматтарды көрсөтүү демөөрчүнү кондуиттин ишмердигинен болуучу кирешенин өзгөрүлмө мүнөзүнө байланышкан тобокелдикке дуушарлантат, ал башка инвесторлордун тобокелдиктеринен айырмаланат. Тиешелүү түрдө, тобокелдик астындагы сумма демөөрчү принципал экенин көрсөтөт, мунун натыйжасында демөөрчү ал кондуиттин үстүнөн контролго ээлик кылат деген корутундуга келет. Демөөрчүнүн бардык инвесторлордун кызыкчылыктарын жетекчиликке алуу менен аракеттенүүгө милдеттенмеси демөөрчүнү принципал катары кароого тоскоолдук кылбайт.

## Башка тараптар менен мамилелер

B73. Контролдун бар экенине баа берүү менен, инвестор өзүнүн башка тараптар менен мамилелеринин мүнөзүн, ошондой эле мындай тараптар инвестордун атынан аракеттене турганын (башкача айтканда алар «де-факто» агент болуп саналарын) кароого тийиш. Башка тараптар де-факто агенттер катары аракеттенгенин аныктоо мамилелердин мүнөзүн гана эмес, тараптар бири бири менен жана инвестор менен кандайча өз ара аракеттенерин да эсепке алуучу ой жүгүртүүлөрдү сыртка чыгарууну талап кылат.

B74. Мындай мамилелер сөзсүз эле макулдашуу түрүндө таризделген макулдашууну билдириши милдет эмес. Эгерде инвестор тарапка инвестордун атынан аракеттенүүнү тапшырса же инвестордун ишмердигин башкарууну жүзөгө ашырган жактар мындай мүмкүндүккө ээ болсо, тарап де-факто агент болуп саналат. Мындай жагдайларда инвестор инвестиция объектисинин үстүнөн контролдун бар экенине баа берүү менен, өзүнүн де-факто агенттеринин чечимдерди кабыл алуу боюнча укуктарын, ошондой эле өзүнүн өзгөрүлмө кирешеге байланышкан кыйыр тобокелдиктерин же мындай кирешени де-факто агент аркылуу алуу укуктарын өзүнүн өздүк тобокелдиктери жана укуктары менен чогуу карашы керек.

B75. Инвестор менен мамилелеринин мүнөзү инвестор үчүн алар де-факто агент катары аракеттене ала турганын күбөлөп турган башка тараптардын мисалдары төмөндө берилди:

(a) инвестордун байланыштуу тараптары;

(b) инвестиция объектисинде инвестордон төгүм же зайым катары катышуу үлүшүн алган тарап;

(c) инвестиция объектиндеги өзүнүн катышуу үлүшүн инвестордун алдын ала жактыруусу болбостон сатпоого, өткөрүп бербөөгө жана оордук келтирбөөгө макул болгон тарап (буга инвестордун жана башка тараптын алдын ала жактырууга укугу болгон жана бул укук бүтүм түзүүнү каалаган көз карандысыз тараптардын ортосунда макулдашылган шарттарга негизделген кырдаалдар кирбейт);

(d) инвестордон субординацияланган финансылык колдоо албастан өз операцияларын финансылай албаган тарап;

(e) башкаруу органынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү же негизги башкаруучу персоналы инвестордун башкаруу органындагы жана негизги башкаруучу персоналындагы адамдар болгон инвестиция объекти;

(f) инвестор менен тыгыз иштиктүү мамилелерде, мисалы, кесипкөй кызмат көрсөтүүчүнүн жана анын негизги кардарларынын биринин ортосундагыдай мамилелерде турган тарап.

## Белгиленген активдерди контролдоо

B76. Инвестор ал инвестициялар объектинин кандайдыр-бир бөлүгүн шарттуу өз алдынча ишкана катары баалары жөнүндө маселени карашы керек, эгерде караса, ал шарттуу өз алдынча ишканага контроль жүргүзө алабы.

B77. Инвестор төмөндө баяндалган шарттардын бардыгы аткарылганда гана инвестициялык объектинин бир бөлүгүн шарттуу өз алдынча ишкана катары карашы керек:

> Инвестициялык объектинин белгиленген активдери (жана мындайлар болгондо кредиттик сапатты коштогон колдоо) инвестициялык объектинин белгиленген милдеттенмелеринин же инвестициялык объектидеги белгиленген башка кызыкчылыктардын эсебинен төлөөлөрдүн жападан-жалгыз булагы болуп саналат. Белгиленген милдеттенмелерге ээ болбогон тараптар, белгиленген активдер жана мындай активдерден калган акча каражаттары менен байланыштуу укуктарга жана милдеттенмелерге ээ болушпайт. Маңызы боюнча, белгиленген активдерден кирешелер инвестициялык объектинин калган бөлүгү тарабынан пайдаланылышы мүмкүн эмес жана шарттуу өз алдынча ишкананын милдеттенмелеринин бири дагы инвестициялык объектинин калган бөлүгүнүн активдеринен төлөнүп берилүүгө тийиш эмес. Ошентип, иш жүзүндө, бардык активдер, милдеттенмелер жана ушундай шарттуу өз алдынча ишкананын капиталы жалпысынан инвестициялык объектиден корголгон. Мындай шарттуу өз алдынча ишкананы көпчүлүк учурда "бункер" деп аташат.

B78. Эгерде B77-пунктунда баяндалган шарттар аткарылса, инвестор инвестициялык объектинин мындай бөлүгүнө карата ыйгарым укуктарга ээ болорун баалоо үчүн шарттуу өз алдынча ишкананын кирешесине олуттуу таасирин тийгизген ишмердүүлүктү, жана ошондой эле мындай ишмердүүлүктү башкаруу кандайча жүзөгө ашырыларын идентификациялашы керек. Шарттуу өз алдынча ишканага контролдун бар экенин баалоо менен, инвестор ошондой эле мындай шарттуу өз алдынча ишканага катышуудан өзгөрүлмөлүү кирешеге байланыштуу тобокелдиктерге кириптер болорун же ал ушундай киреше алууга укугу бар экенин, ошондой эле инвестордун кирешесинин көлөмүнө таасир көрсөтүү максаты менен инвестициялык объектинин бөлүгүнө карата өзүнүн ыйгарым укуктарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн карашы керек.

B79. Эгерде инвестор шарттуу өз алдынча ишкананын үстүнөн контролго ээ болсо, инвестор инвестициялык объектинин тиешелүү бөлүгүн консолидациялоого тийиш. Бул учурда башка тараптар контролдун болгонун баалоо менен объектинин мындай бөлүгүн, ал эми консолидацияда – инвестициялык объектини чыгарып салышат.

## Үзгүлтүксүз баалоо

B80. Эгерде кандайдыр-бир фактылар жана жагдайлар 7-пунктта саналган контролдун үч элементинин бириндеги же бир нечесиндеги өзгөрүүлөрдү көрсөтсө, инвестор анда инвестициялар объектинин үстүнөн контроль бар экенине кайра баалоону жүргүзүшү керек.

B81. Эгерде инвестициялар объектине карата инвестор өзүнүн ыйгарым укуктарын кантип жүзөгө ашыра алары жагынан өзгөрүүлөр болсо, анда мындай өзгөрүүлөр инвестициялар объектине карата инвестор өзүнүн ыйгарым укуктарын кандайча жүзөгө ашырарын баалоодо чагылдырылышы керек. Мисалы, чечимдерди кабыл алуу боюнча укуктардагы өзгөрүүлөр, маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мындан ары добуш укугунун жардамы менен жүзөгө ашырылбасын билдирүүсү мүмкүн, ал эми мунун ордуна келишимдер сыяктуу башка макулдашуулар башка тарапка же тараптарга учурдагы мезгилде маанилүү ишмердүүлүктү башкаруу мүмкүнчүлүгүн берет.

B82. Инвестициялык объектине карата инвестор тарабынан ыйгарым укуктарга ээ болуу же жоготуу, инвестор өзү катышпаган кандайдыр-бир окуялардын натыйжасында болушу мүмкүн. Мисалы, мурун инвестордун инвестициялык объектини контролдоого жетишүүсүнө тоскоолдук кылып келген, кандайдыр-бир башка тараптын чечимдерди кабыл алуу укугунун колдонулуу мөөнөтү бүткөнүнүн натыйжасында, инвестор инвестициялык объектиге карата ыйгарым укуктарды алышы ыктымал.

B83. Инвестор ошондой эле инвестициялык объектисине катышуудан өзгөрүлмө кирешеге байланыштуу анын тобокелдиктерине таасирин тийгизүүчү өзгөрүүлөрдү же мындай киреше алуу укугун карап чыгат. Мисалы, эгерде инвестор киреше алуу укугун жоготуп алса же мындан ары милдеттенме тартпаса, инвестициялык объектине карата ыйгарым

укуктарга ээ болгон инвестор инвестициялык объектине болгон контролун жоготуп алышы мүмкүн, анткени бул учурда инвестор 7(b)-пунктунун шарттарын канааттандырбай калат (мисалы, эгерде ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун негизинде гонорар алуу жөнүндө келишим бузулган болсо).

B84. Инвестор анын кандай сапатта: агентпи же принципал катары аракеттенгенине жараша анын баалоосу өзгөрүлгөнүн же жоктугун карашы керек. Инвестордун жана башка тараптардын ортосундагы мамилелерде белгиленген өзгөрүүлөр, бул эгерде ал мурун агент катары жана тескерисинче аракеттенип келсе дагы, инвестор мындан ары агент катары аракеттенбегенин билдириши мүмүкүн. Мисалы, эгерде инвестордун же башка тараптардын укуктарында кандайдыр-бир өзгөрүүлөр болуп өтсө дагы, инвестор өзүнүн принципал же агент статусун кайра карап чыгышы керек.

B85. Рыноктук шарттардын өзгөрүүсү (мисалы, рыноктук шарттар менен шартталган инвестициялар объектисинин кирешелеринин өзгөрүүсү), эгерде эле рыноктук шарттардын өзгөрүүсү 7-пунктта саналган контролдун үч элементтин биринин же бир нечесинин өзгөрүүлөрүнө, же жалпысынан принципалдын жана агенттин ортосундагы мамилелердин өзгөрүүлөрүнө алып келбесе, өзүнөн өзү анын контролунун же инвестордун принципал же агент катары анын статусун инвестордун баалоосунун өзгөрүүсүнө алып келбейт.

## Ишкана инвестициялык ишкана болуп саналаарын же жоктугун аныктоо

B85A. Ишкана өзүнүн максатын жана түзүмүн кошуп алганда, анын инвестициялык ишкана болуп саналарын же жоктугун талдоодо бардык фактыларды жана жагдайларды эске алышы керек. Ишкана 27-пунктта келтирилген инвестициялык ишкананы аныктоонун бардык үч элементтерине тең ээ болгондо, инвестициялык ишкана болуп саналат. B85B–B85M-пункттарында ушул элементтердин аныктамаларынын бир кыйла кеңири сыпаттамалары келтирилген.

### Бизнестин максаты

B85B. Инвестициялык ишкананын аныктамасы ишкананын максаты капиталдын наркынын, инвестициялык кирешенин (дивиденддер, киреше пайызы же ижара кирешеси сыяктуу), же болбосо анын дагы, мунун дагы өсүшүнөн киреше алуу үчүн гана каражаттарды инвестициялоону талап кылат. Ишкананын инвестициялык милдеттеринин кандай экенин көрсөтүүчү инвестициялык меморандум, ишкана тарабынан таркатылуучу жарыялоолор сыяктуу документтер, ошондой эле башка расмий документтер, адатта тийиштүү инвестициялык ишкананын бизнесинин максаттары жөнүндө күбөлөндүрөт. Кошумча индикаторлорго ишкананын өзүн башка тараптарга (потенциалдуу инвесторлорго же инвестициялардын потенциалдуу объекттерине) кандайча кылып көрсөтөрүн киргизүүгө болот; мисалы, ишкана өзүнүн бизнесин капиталдын наркын өстүрүү максаты менен орто мөөнөттүү инвестицияларды жүзөгө ашыруу катары көрсөтүүсү ыктымал. Мындан айырмалуу, өзүн максаты – анын инвестицияларынын объекттери менен биргеликте продукция иштеп чыгуу, өндүрүү же жылдыруу экенин көрсөтүүчү ишкананын бизнесинин максаты өзүнүн инвестицияларынан кирешелерди алуу менен бир катарда, рынокто иштеп чыгуу, өндүрүү же жылдыруу иштеринен дагы киреше алуу ниети бар ишкананын бизнесинин максатына ылайык келбейт (B85I-пунктун караңыз.).

B85C. Ишмердүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрү ишкана үчүн орчундуу болуп саналган күндө да, ишкана мурдагыдай эле белгилүү инвестициялык ишкананы канааттандырган шарттарда, инвестициялык ишкана түздөн-түз же өзүнүн туунду ишканасы аркылуу үчүнчү тараптарга же өзүнүн инвесторлоруна инвестицияларды жүзөгө ашыруу менен байланыштуу (мисалы, инвестициялоо маселелери боюнча консультациялар, инвестицияларды башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, инвестициялык колдоого алуу жана башкаруу) кызматтарды көрсөтө алат.

B85D. Эгерде ишмердүүлүктүн ушул түрлөрүнүн максаты өзүнүн инвестицияларынын объекттеринде кирешелерди максималдаштыруу (капиталдын наркынын же инвестициялык кирешенин өсүшү) жана эгерде ишмердүүлүктүн ушундай түрлөрү

ишмердүүлүктүн өзүнчө орчундуу багыты же болбосо инвестициялык ишкана үчүн кирешенин өзүнчө орчундуу булагы болуп саналбаса, инвестициялык ишкана ошондой эле түздөн-түз же өзүнүн туунду ишканасы аркылуу инвестицияларды жүзөгө ашырууга байланыштуу ишмердүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрүнө катыша алат:

(a) инвестициялардын объектине бизнести башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жана ишмердүүлүктүн стратегиясы боюнча консультацияларды берүү; жана

(b) инвестициялардын объектине зайым, капитал же кепилдик берүү боюнча милдеттенмелер сыяктуу финансылык колдоолорду көрсөтүү.

B85E. Эгерде инвестициялык ишкананын инвестициялык ишкана болуп саналбаган жана негизги максаты жана ишмердүүлүгү ушул башкы ишканага же инвестицияларды жүзөгө ашыруучу B85C–B85D-пункттарында сыпатталган инвестициялык ишкананын инвестициялык иштери менен байланыштуу ишмердүүлүктү алып баруучу башка тараптарга кызмат көрсөтүүлөрдү берүү болуп саналган туунду ишканасы бар болсо, ал бул туунду ишкананы 32-пунктка ылайык консолидациялоого тийиш. Эгерде инвестицияларды жүзөгө ашыруу менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү берип же иштерди жүргүзүп жаткан туунду ишкана өзү инвестициялык ишкана болуп саналса, анда анын инвестициялык ишкана болуп саналган башкы ишкана мындай туунду ишканада 31-пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалоого тийиш.

## Чыгуу стратегиясы

B85F. Ишкананын инвестициялык пландары ошондой эле анын бизнесинин максаттары жөнүндө күбөлөндүрөт. Инвестициялык ишкананы башка ишканалардан айырмалоочу мүнөздөмөлөрдүн бири, бул инвестициялык ишкана айкын эмес мезгил ичинде өзүнүн инвестицияларын кармап турууну пландабагандыгы болуп саналат; аларды ал чектелүү мезгилдин ичинде гана кармап турат. Үлүштүк инструменттерге инвестициялар жана финансылык эмес активдерге инвестициялар чектелбеген мезгил бою кармалып тура бериши мүмкүн болгондуктан, инвестициялык ишкана чыгуу стратегиясына ээ болушу керек, анын алкактарында ишкана иш жүзүндө өзүнүн бардык үлүштүк инструменттерге инвестицияларынын жана финансылык эмес активдерге инвестицияларынын капиталынын наркынын өсүшүн ишке ашырууну кандайча пландаштырып жатканы сүрөттөлөт. Инвестициялык ишкана ошондой эле чектелбеген мезгил бою кармалып тура берүүсү мүмкүн болгон карыздык инструменттерге, мисалы, мөөнөтсүз карыздык инструменттерге карата чыгуу стратегиясына ээ болушу керек. Ишкана ар бир өзүнчө инвестициялардан чыгуунун конкреттүү стратегиясын документтештирүүгө милдеттүү эмес, бирок инвестициялардан чыгуунун негизделген убакыттык мөөнөттөрүн кошуп алганда, инвестициялардын ар түрдүү типтери жана портфелдери боюнча ар кыл потенциалдуу стратегияларды идентификациялоого тийиш. Келишимдердин шарттарын бузуу же аны аткарбоо сыяктуу милдеттенмелерди аткарбаган учурларда гана ишке киргизилүүчү чыгуу механизмдери ушул талдоонун максаттары үчүн чыгуу стратегиялары болуп эсептелбейт.

B85G. Чыгуу стратегиялары инвестициялардын типтери боюнча айырмаланышы мүмкүн. Ачык эмес компаниялардын үлүштүк баалуу кагаздарына инвестициялаган учурда чыгуу стратегияларынын мисалдары өзүнө биржада алгачкы баалуу кагаздарды жайгаштырууну, баалуу кагаздарды жабык жайгаштырууну, бизнести сатууну, инвестициялар объекттериндеги катышуу үлүштөрүн бөлүштүрүүнү (инвесторлордун пайдасына), ошондой эле активдерди сатууну (ушул инвестициялар объектин андан ары жоюу менен, инвестициялар объектинин активдерин сатууну) өзүнө камтыйт. Ачык рынокто соодалануучу үлүштүк инструменттерге инвестиция учурунда, чыгуу стратегияларынын мисалдары өзүнө инвестицияларды жабык сунуштардын алкактарында же ачык рынокто сатууну камтыйт. Кыймылсыз мүлк объекттерине инвестициялаган учурда кыймылсыз мүлк объектин кыймылсыз мүлк рыногунда

адистештирилген дилерлер же ачык рынокто сатуу чыгуу стратегиясынын мисалы болуп саналат.

B85H. Инвестициялык ишкана өзү менен байланышкан, юридикалык, жөнгө салуучу, салыктык же окшош мүнөздөгү экономикалык себептер боюнча түзүлгөн башка инвестициялык ишканада инвестицияга ээ боло алат. Мындай учурда инвестор болуп саналган инвестициялык ишкана, инвестициялардын объекти болуп саналган инвестициялык ишкана өз инвестициялары үчүн чыгуунун талаптагыдай стратегиясына ээ болгон шарттарда чыгуу стратегиясына ээ болууга милдеттүү эмес.

## Инвестициялардан түшкөн пайда

B85I. Эгерде ишкана же ушул ишкана курамына кирген топтун башка мүчөсү (б.а. инвестициялык ишкананын акыркы башкы ишканасы тарабынан контролдонгон топтор) каралып жаткан, башка тараптарга жеткиликтүү эмес, инвестициялык объект менен байланышпаган ишкананын инвестицияларынан киреше алып жатса, же болбосо киреше алуу максатын көздөсө, бул ишкана капиталдын наркынын кошумча өсүшүнөн киреше алуу үчүн же инвестициялык киреше алуу үчүн гана, же болбосо тигил же бул үчүн инвестициялоону жүзөгө ашырбайт. Мындай пайдалар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) инвестициялар объектинин активдерин же технологияларын сатып алууну, пайдаланууну, процесстерди алмашууну же эксплуатациялоону. Буга ишкана же топтун башка мүчөсү инвестициялардын кандайдыр-бир объектинин активдерин, технологияларын, продуктуларын же кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алууда пропорционалдуу эмес жана өзгөчө укуктарга ээ болгон учурлар кирет; мисалы, эгерде активди ийгиликтүү иштетүү түшүнүлсө, аларда сатып алууга опциондун болгонунан пайдаланып инвестициялар объектисинин активдерин сатып алуу;

(b) биргелешкен ишкердик жөнүндө макулдашууларды (алар ФОЭС (IFRS) 11де аныкталгандай) же продуктуларды же болбосо кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу, өндүрүү, рынокко чыгаруу же сунуштоо жөнүндө ишкананын же топтун башка мүчөсүнүн жана инвестициялык объектилердин ортосундагы макулдашууну;

(c) ишкананын же топтун башка мүчөсүнүн зайымын келишимдер боюнча камсыз кылуу катары инвестициялык объект тарабынан берилүүчү финансылык кепилдиктерди же активдерди (мында инвестициялык ишканада өз зайымдары боюнча камсыз кылуу катары инвестициялык объектиде инвестицияны пайдалануу мүмкүнчүлүгү калат);

(d) ушул ишкананын инвестициялык объектидеги катышуу үлүшүн ушул ишканадан же топтун башка мүчөсүнөн ишкана менен байланыштагы тарап кармап калуучу сатып алууга опционду;

(e) B85J-пунктунда сүрөттөлгөн учурларды кошпогондо, ишкананын же топтун башка мүчөсүнүн жана инвестициялык объектилердин ортосундагы операцияларды, алар:

  (i) же ишканага, же болбосо топтун башка мүчөсүнө, же болбосо инвестициялык объектине карата байланышта болуп саналбаган ишканаларга жеткиликтүү эмес шарттарда түзүлөт;

  (ii) адилет эмес нарк боюнча түзүлөт; же

  (iii) инвестициялык объектинин же ишкананын коммерциялык ишмердүүлүгүнүн, анын ичинде топтун курамындагы башка ишканалардын коммерциялык ишмердүүлүгүнүн орчундуу бөлүгүн билдирет.

B85J. Инвестициялык ишкана синергетикалык натыйжадан, капиталдын наркынын өсүшүнөн жана ушул инвестициялык объекттердин инвестициялык кирешелеринин көбөйүүсүнөн пайда алуу максатында бир тармактын, рыноктун же географиялык аймактын алкактарында бирден ашык инвестициялык объектиде инвестициялоону жүзөгө

ашырууну караган стратегияга ээ боло алат. B85I(e)-пунктуна карабастан, ишкананы инвестициялык ишкана катары классификациялоо мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылбайт, анткени мындай инвестиция объекттери өз ара чарбалык операцияларды жүзөгө ашырышат.

### Адилет нарк боюнча баалоо

B85K. Инвестициялык ишкана өзүнүн бардык инвестицияларынын адилет наркынын негизинде иш жүзүндө алардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалагандыгы жана талдагандыгы аны аныктоонун маанилүү элементи болуп саналат, анткени адилет наркты пайдалануу, мисалы, туунду ишканаларды консолидациялоого же ассоциацияланган же биргелешкен ишканаларда катышуу үлүшүнө карата катышуу үлүшү методун пайдаланууга караганда, бир кыйла жөндүү маалыматтарды берет. Ал аныктоонун ушул элементине жооп берерин көрсөтүү үчүн инвестициялык ишкана:

(a) инвесторлорго адилет нарк жөнүндө маалыматтарды берет жана адилет нарк боюнча өзүнүн финансылык отчеттуулугунда иш жүзүндө ФОЭС стандарттарына ылайык адилет нарк боюнча баалоо талап кылынган же жол берилген бардык учурларда өзүнүн бардык инвестицияларын баалайт; жана

(b) ички отчеттуулуктун алкактарында ишкананын негизги башкаруучу персоналына (бул түшүнүк ФОЭС (IAS) 24тө аныкталгандай) адилет нарк жөнүндө маалыматты берет, ал адилет наркты иш жүзүндө ишкананын бардык инвестицияларын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жана инвестициялык чечимдердин кабыл алынышын талдоо үчүн негизги мүнөздөмө катары пайдаланат.

B85L. B85K(a)-пунктунун талаптарын аткаруу үчүн инвестициялык ишкана төмөнкүлөрдү жасашы керек:

(a) эсеп саясаты катары «Инвестициялык кыймылсыз мүлк» ФОЭС (IAS) 40ка ылайык адилет нарк боюнча эсепке алуу моделин пайдалануу менен, бардык инвестициялык кыймылсыз мүлк объекттерин эсепке алууну тандап алуу;

(b) эсеп саясаты катары ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган өзүнүн инвестицияларына карата ФОЭС (IAS) 28тө үлүштүк катышуу методун колдонуудан бошотууну тандап алуу; жана

(c) өзүнүн финансылык активдерин ФОЭС (IFRS) 9дун талаптарына ылайык адилет нарк боюнча баалоо.

B85M. Инвестициялык ишкана инвестициялоого байланыштуу иштерге карата тиешеси жок, штаб-квартиранын имараты жана тиешелүү жабдуулар сыяктуу бир катар активдерге ээ боло алат, андан тышкары, ал финансылык милдеттенмелерге ээ болушу мүмкүн. Адилет нарк боюнча баалоого тийиштүү инвестициялык ишкананы аныктоонун 27(c)-пунктта көрсөтүлгөн элементи инвестициялык ишкананын инвестицияларына гана кирет. Тиешелүү түрдө, инвестициялык ишкана инвестициялоо менен байланыштуу иштерине тиешеси жок өзүнүн милдеттенмелерин жана активдерин адилет нарк боюнча баалоого милдеттүү эмес.

### Инвестициялык ишкананын типтүү мүнөздөмөлөрү

B85N. Ишкананын инвестициялык деген аныктамага жооп берерин же жоктугун аныктоодо, ишкана анын инвестициялык ишкананын типтүү мүнөздөмөлөрүнө (28-пунктту караңыз) ээ экенин же жоктугун эске алууга тийиш. Ушул типтүү мүнөздөмөлөрдүн ичинен бирөөнүн же андан ашыгынын болбогону ишкананы инвестициялык катары классификациялоонун мүмкүн эместигине сөзсүз алып келе бербейт, бирок бул ушул ишкананын инвестициялык болуп саналарын аныктоодо кошумча ой жүгүртүүлөрдү калыптандыруунун зарылдыгын көрсөтөт.

### Бирден ашык инвестициялар

B85O. Инвестициялык ишкана, эреже катары, өзүнүн тобокелдиктерин диверсификациялоо жана кирешесин максималдаштыруу үчүн бир нече инвестицияларды кармап турат. Ишкана инвестициялардын портфелин түздөн-түз же бир нерсе аркылуу, мисалы, башка инвестициялык ишканада бир инвестицияга ээлик кылуу жолу менен кармап туруусу мүмкүн, ал өз кезегинде, бир нече инвестицияларды кармап турат.

B85P. Кээ бир учурларда ишкана бир гана инвестицияны кармап турушу ыктымал. Бирок бир гана инвестициянын болгону бул ишкананын инвестициялык ишкана деген аныктамага ылайык келбейт деп сөзсүз эле көрсөтө бербейт. Мисалы, инвестициялык ишкана бир гана инвестицияны кармап турушу мүмкүн, эгерде ал ишкана:

(a) коммерциялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун баштапкы этабында турса жана али туура келүүчү инвестицияларды аныктай элек болсо, жана, тиешелүү түрдө, бир нече инвестицияларды алуу боюнча өзүнүн инвестициялык планын али аткара элек болсо;

(b) чыгып кеткендердин ордуна али инвестицияларды ала элек болсо;

(c) эгерде ушул инвестиция өзүнчө инвесторлор тарабынан жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес болсо (мисалы, өзүнчө инвестор үчүн зарыл болгон минималдуу инвестициянын көлөмү абдан чоң болгон учурда), бир инвестицияга чегерүү үчүн инвесторлордун каражаттарын бириктирүү максатында уюштурулууда; же

(d) жоюлуу процессинде турса.

## Бирден ашык инвестор

B85Q. Адатта инвестициялык ишканада, мүмкүн эгерде алар өз алдыларынча аракеттенишсе, жеткиликтүүлүк болуусу мүмкүн эмес болгон инвестицияларды жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк алуу үчүн өздөрүнүн каражаттарын бириктирген бир нече инвестор болот. Бир нече инвестордун болгону ишкананын же ушул ишкананын курамына кирген топтордун башка мүчөлөрү, капиталдын наркынын же инвестициялык кирешенин өсүшүнөн айырмалуу формаларда пайдаларды алуусунун ыктымалдыгын төмөндөтөт (B85I-пунктун караңыз).

B85R. Экинчи жагынан, инвестициялык ишкана, инвесторлордун бир кыйла кеңири чөйрөсүнүн (мисалы, пенсиялык фонд, мамлекеттик инвестициялык фонд же үй-бүлөлүк траст) кызыкчылыктарын билдирүүчү же колдоочу жападан-жалгыз инвестор тарабынан (же ал үчүн) түзүлүшү мүмкүн.

B85S. Ошондой эле кээ бир учурларда ишкана убактылуу негизде, бир гана инвесторго ээ болушу мүмкүн. Мисалы, инвестициялык ишкана бир гана инвесторго ээ боло алат, эгерде ушул ишкана:

(a) али бүтө элек алгачкы жайгаштыруу этабында турса жана ылайыктуу инвесторлорду аныктоо боюнча иштерди жигердүү жүргүзүп жатса;

(b) өзү сатып алган катышуу үлүштөрүн алмаштыруу үчүн ылайыктуу инвесторлорду аныктай элек болсо; же

(c) жоюлуу процессинде турат.

## Байланышы жок инвесторлор

B85T. Адатта инвестициялык ишканада, курамына ушул ишкана кирген бул ишканага же топтун башка мүчөлөрүнө карата мамилелери боюнча өз ара байланыштуу эмес тараптар болуп саналган (бул ФОЭС (IAS) 24тө аныкталгандай) бир нече инвестор болот. Өз ара байланыштуу эмес бир нече инвестордун болгону, бул ишкананын же ушул ишкананын курамына кирген топтордун башка мүчөлөрү капиталдын наркынын же инвестициялык кирешенин өсүшүнөн айырмалуу формаларда пайдаларды алуусунун ыктымалдыгын төмөндөтөт (B85I-пунктун караңыз).

B85U. Бирок, эгерде анын инвесторлору анын байланыштуу тараптары болуп саналса, ишкана инвестициялык ишкана аныктамасына жооп бериши мүмкүн. Мисалы, инвестициялык

ишкана өзүнүн кызматчыларынын (негизги башкаруучу персоналдар сыяктуу) тобу же башка байланышкан инвестор (инвесторлор) үчүн өзүнчө «удаалаш» фондун уюштура алат, ал ушул ишкананын негизги инвестициялык фондунун инвестицияларын так кайталайт. Бул «удаалаш фонд» анын инвесторлорунун бардыгы өз ара байланыштуу тараптар болуп саналганына карабастан инвестициялык ишкананын критерийлерине жооп бериши мүмкүн.

### Катышуу үлүшү

B85V. Инвестициялык ишкана адатта өзүнчө юридикалык жак болуп саналат, бирок бул милдеттүү талап болуп саналбайт. Инвестициялык ишканага катышуу үлүшү, эреже катары, капиталда катышуу үлүшү же ушуга окшош катышуу үлүшү формасына ээ болот (мисалы, шериктиктин катышуучуларынын үлүшү), аларга инвестициялык ишкананын таза активдеринин пропорционалдуу үлүштөрү кирет. Бирок алардын ичинен айрымдары белгилүү гана инвестицияга же инвестициялардын тобуна укуктарга ээ, же болбосо таза активдердеги үлүштөрү ар түрдүү пропорцияларда белгиленген, инвесторлордун ар түрдүү класстарынын болгону ишкананы инвестициялык ишкана катары классификациялоого тоскоолдук кылбайт.

B85W. Мындан тышкары, колдонуудагы башка ФОЭСтерге ылайык капитал аныктамасына ылайык келбеген карыздык инструменттер түрүндө олуттуу катышуу үлүшүнө ээ ишкана кантсе да карыздык инструменттерди кармоочулар ушул ишкананын таза активдеринин адилет наркынан өзгөрүүлөрдөн өзгөрүлмө кирешелүүлүккө кириптер болгон шарттарда, инвестициялык ишкананын аныктамасына жооп бере алат.

## Эсепке алууга карата талаптар

### Консолидациялоо жол-жоболору

B86. Бириктирилген финансылык отчеттуулукта:

(a) башкы ишкананын активдеринин, милдеттенмелеринин, капиталынын, кирешелеринин, чыгашаларынын жана акча каражаттарынын агымдарынын беренелерин анын туунду ишканаларынын ушундай беренелери менен бириктирүү жүргүзүлөт.

(b) башкы ишкананын ар бир туунду ишканаларга жана башкы ишкананын ар бир туунду ишкананын капиталындагы үлүшкө инвестицияларынын балансттык наркын өз ара чегерүү (алып салуу) жүргүзүлөт (ФОЭС (IFRS) 3 ар кандай коштоочу гудвиллди эсепке алуу тартибин түшүндүрөт).

(c) ички топтук активдер жана милдеттенмелер, капитал, киреше, чыгашалар жана ишканалардын ортосундагы операцияларга байланышкан акча каражаттарынын агымдары толук чыгарылат (ички топтук операциялардын натыйжасында пайда болгон жана запастар жана негизги каражаттар сыяктуу активдердин курамында таанылган пайда же зыяндар толугу менен чыгарылат). Ички топтук зыяндар нарктын түшүп кетүүсүн көрсөтүүсү мүмкүн, ал бириктирилген финансылык отчеттуулукта таанылышы керек. «Пайда салыгы» ФОЭС (IAS) 12 пайда жана зыяндарды ички топтук операциялардан чыгарып салуунун натыйжасында пайда болуучу убактылуу айырмаларды карайт.

### Бирдиктүү эсеп саясаты

B87. Эгерде топтун мүчөлөрүнүн ичинен кайсы-бирөө окшош операцияларды жана окшош жагдайлардагы окуяларды эсепке алуу үчүн бириктирилген финансылык отчеттуулукта пайдаланылгандан айырмаланган эсеп саясатын колдонсо, топтун эсеп саясатынын шайкештигин кепилдөө үчүн бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоодо окшош операцияларды жана окуяларды эсепке алуу үчүн финансылык отчеттуулукта тиешелүү оңдоп-түзөтүүлөр жасалышы керек.

### Баалоо

B88. Ишкана туунду ишкананын үстүнөн контролго ээ болгон учурдан тартып жана ишкана туунду ишкананын үстүнөн контролун жоготкон учурга чейин туунду ишкананын кирешелерин жана чыгымдарын бириктирилген финансылык отчеттуулукка кошот. Туунду ишкананын кирешелери жана чыгашалары сатып алуу күнүнө бириктирилген финансылык отчеттуулукта таанылган активдердин жана милдеттенмелердин көлөмүнүн негизинде эсептелет. Мисалы, сатып алуу күнүнөн кийин жыйынды киреше жөнүндө бириктирилген отчетто таанылган амортизациялык чыгымдар сатып алуу күнүнө бириктирилген финансылык отчеттуулукта таанылган тийиштүү амортизацияланууучу активдердин адилет наркына негизделген.

### Потенциалдуу добуш укуктары

B89. Потенциалдуу добуш укугу же потенциалдуу добуш укугун камтыган башка туунду инструменттер болгон учурда, пайдадагы же зыяндардагы, ошондой эле капиталдагы өзгөрүүлөрдөгү пропорция башкы ишканага жана бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоодо контролдонбоочу үлүштөргө таандык болот, колдо болгон катышуунун түздөн-түз үлүштөрүнүн негизинде гана аныкталат жана B90-пункт колдонулган учурларды кошпогондо, потенциалдуу добуш укуктарын жана башка туунду инструменттерди аткаруунун ыктымалдыгын же конвертациялоону чагылдырбайт.

B90. Кээ бир жагдайларда ишкана иш жүзүндө азыркы учурда ишканага кирешеге жеткиликтүүлүктү берген операциялардын натыйжасында алынган, тикелей катышуу үлүшү менен байланышкан колдо бар тикелей катышуу үлүшүнө ээ болот. Мындай жагдайларда башкы ишканага жана контролдонбоочу үлүшкө таандык кылынган үлүштөр бириктирилген финансылык отчетту даярдоодо, ушундай мүмкүн болуучу добуш укугун жана азыркы убакта ишканага кирешеге жеткиликтүүлүктү берип турган башка туунду инструменттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен аныкталат.

B91. ФОЭС (IFRS) 9 консолидацияланган туунду ишканаларга катышуу үлүшүнө жайылтылбайт. Эгерде мүмкүн болуучу добуш укугун камтыган инструменттер, маңызы боюнча ишканага азыркы убакта туунду ишкананын түздөн-түз катышуу үлүшү менен байланыштуу кирешеге карата жеткиликтүүлүк берип турса, мындай инструменттерге карата ФОЭС (IFRS) 9дун талаптары колдонулбайт. Калган бардык учурларда туунду ишканада мүмкүн болуучу добуш укугун камтыган инструменттер ФОЭС (IFRS) 9га ылайык эсепке алууда чагылдырылат.

### Отчеттук күн

B92. Башкы ишкананын жана анын туунду ишканаларынын бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоодогу финансылык отчеттуулугу ошол эле отчеттук күнгө карата даярдалышы керек. Эгерде башкы ишкананын отчеттук мезгилинин аягы туунду ишкананын отчеттук мезгилинин аягынан айырмаланса, башкы ишкана туунду ишкананын финансылык маалыматтарын консолидациялай алышы үчүн туунду ишкана консолидациялоо максатында кошумча финансылык маалыматтарды башкы ишкананын финансылык отчеттуулугунун күнүнө карата абал боюнча даярдайт, буга ушуларды аткаруу мүмкүн болбогон учурлар кирбейт.

B93. Эгерде буларды аткаруу мүмкүн болбосо, башкы ишкана, ушундай финансылык отчеттуулуктун күнү менен бириктирилген финансылык отчеттуулуктун күнүнүн ортосундагы мезгилдин ичинде болуп өткөн олуттуу операциялардын же окуялардын таасирин эске алуу менен туунду ишкананын түзөтүлгөн бир кыйла кийинки финансылык отчеттуулугун пайдалануу менен, туунду ишкананын финансылык отчеттуулугун бириктирүүгө тийиш. Кандай болгон күндө да, туунду ишкананын финансылык отчеттуулугунун жана бириктирилген финансылык отчеттуулуктун күнүнүн ортосундагы айырма үч айдан ашпоосу керек, ал эми отчеттук мезгилдердин узактыгы жана финансылык отчеттуулуктун күндөрүнүн ортосундагы айырма мезгилден мезгилге карай дал келүүгө тийиш.

### Контролдонбоочу үлүштөр

B94. Пайда же зыян жана башка жыйынды кирешенин ар бир компоненти башкы ишкананын менчик ээлерине жана контролдонбоочу үлүштөргө тийиштүү болот. Жалпы жыйынды киреше, эгерде бул ал тургай контролдонбоочу үлүштөрдүн дефициттик сальдосуна алып келсе дагы, башкы ишкананын менчик ээлерине жана контролдонбоочу үлүштөргө тийиштүү болот.

B95. Эгерде туунду ишкана жүгүртүүдө капиталдын жана контролдонбоочу үлүштөрдүн курамында турган, классификацияланууучу артыкчылыктуу кумулятивдик акцияларга ээ болсо, башкы ишкана өзүнүн пайдаларындагы жана зыяндарындагы өзүнүн үлүшүн аларга түзөтүүлөрдөн кийин, аларды мындай дивиденддер жарыялanganына же жоктугуна карабастан ушундай акциялар боюнча дивиденддер предметине эсептеп чыгарат.

### Контролдонбоочу үлүштөрдүн пропорциялык жагынан өзгөрүүсү

B96. Контролдонбоочу үлүшкө тийиштүү капитал пропорция жагынан өзгөргөн учурда ишкана алардын туунду ишкананын капиталындагы катышынын өзгөрүүсүн чагылдыруу үчүн контролдук үлүшүн жана контролдонбоочу үлүштөрдүн балансттык наркын оңдоп-түзөөгө тийиш. Ишкана контролдонбоочу үлүштөрдү оңдоп-түзөөнүн жана алынган же төлөнүп берилген ордун толтуруунун адилет наркынын ортосундагы сумманын ар кандай айырмасын таанууга жана мындай айырманы башкы ишкананын менчик ээлерине таандык кылууга тийиш.

### Контролду жоготуу

B97. Башкы ишкана эки же бир нече макулдашууларды (операцияларды) түзүүдө туунду ишканага контролду жоготуп алуусу мүмкүн. Бирок кээде жагдай бир нече мындай макулдашуулар бирдиктүү операция катары эсепке алынуусу керек экенин көрсөтөт. Макулдашууну бирдиктүү операция катары эсепке алуу керектигин же жоктугун аныктоодо, башкы ишкана бул макулдашуулардын бардык шарттарын жана алардын экономикалык натыйжаларын карап чыгышы керек. Төмөндө баяндалгандардын ичинен бир же бир нече факторлордун болушу башкы ишкана эсепке алууда бир нече макулдашууну бирдиктүү операция катары чагылдыра аларын көрсөтөт:

(a) Алар бир эле мезгилде же бирин бири күтүү менен түзүлөт.

(b) Алар жалпы коммерциялык натыйжага жетишүүгө багытталган бирдиктүү операцияны түзөт.

(c) Бир макулдашуунун пайда болушу, бери болгондо, башка макулдашуулардын бири пайда болуусуна көз каранды болот.

(d) Бир макулдашууну башкалардан обочо кароо экономикалык көз караштан алганда максатка ылайыксыз, ошол эле убакта аны башка макулдашуулар менен бирге кароо экономикалык жактан өзүн актайт. Акциялардын рыноктук баа боюнча чыгып калуусу мунун мисалы болуп саналат, ал кийин акциялардын рыноктуктан жогору баада чыгып калышы менен калыбына келтирилет.

B98. Эгерде башкы ишкана туунду ишкананын үстүнөн контролун жоготсо, ал:

(a) төмөнкүлөрдү таанууну токтотот:

(i) туунду ишкананын активдерин (кандай болбосун гудвиллди кошуп алганда) жана милдеттенмелерин контролду жоготуу күнүнө карата алардын балансттык наркы боюнча; жана

(ii) мурунку туунду ишкананын ар кандай контролдонбоочу үлүштөрүнүн балансттык наркын (анын ичинде аларга тийиштүү ар кандай башка жыйынды кирешелердин компоненттерин).

(b) төмөнкүлөрдү тааныйт:

(i) контролдун жоготулушуна алып келген операцияларда, окуяларда же жагдайларда алынган сыйакынын (ал бар болсо) адилет наркын;

(ii) эгерде операция, окуя же жагдай контролду жоготууга алып келсе, туунду ишкананын акцияларын ушул сапатта аракеттенүүчү менчик ээлеринин пайдасына бөлүштүрүүнү болжойт, көрсөтүлгөн бөлүштүрүүнү; жана

(iii) контролду жоготуу күнүнө адилет наркы боюнча мурунку туунду ишканада калган ар кандай инвестицияларды.

(c) эгерде муну башка ФОЭСтер талап кылса, B99-пунктта сүрөттөлгөн негизде туунду ишканага байланыштуу башка жыйынды кирешенин курамында таанылган суммаларды пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялайт же бөлүштүрүлбөгөн кирешенин курамына түздөн-түз которот.

(d) башкы ишканага таандык болгон пайданын же зыяндын курамындагы киреше же зыян катары ушунун натыйжасында келип чыккан ар кандай айырманы таанып алат.

B99. Эгерде башкы ишкана туунду ишкананын үстүнөн контролун жоготсо, башкы ишкана ошол туунду ишкананын башка жыйынды кирешелеринин курамында таанылган бардык суммаларды, эгерде башкы ишкана тийиштүү активдерди же милдеттенмелерди тикелей тескеген учурдагыдай эле негизде эсепке алышы керек. Тишелүү түрдө, эгерде мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган киреше же зыян тийиштүү активдер же милдеттенмелер чыгып калганда пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланса, башкы ишкана туунду ишкананын үстүнөн контролду жоготкон учурда кирешени же зыянды капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына (кайра классификациялоодо оңдоп-түзөө катары) кайра классификациялайт. Эгерде мурда башка жыйынды кирешенин курамында таанылган кайталап баалоодон нарк өссө, актив чыкканда түздөн-түз бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына которулса, башкы ишкана кайра баалоодон нарктын бул өсүшүн туунду ишкананын үстүнөн контролун жоготкон учурда түздөн-түз бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына которот.

B99A. *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тиешелүү жана ошондуктан бул басылмага киргизилген эмес.]*

## Инвестициялык ишкананын статусунун өзгөрүүсүн эсепке алуу

B100. Эгерде ишкана инвестициялык ишкана болуусун токтотсо, ал мурда 31-пунктка ылайык пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча бааланган бардык туунду ишканаларга карата ФОЭС (IFRS) 3тү колдонушу керек. Статустун өзгөрүү күнү сатып алуунун шарттуу күнү катары каралууга тийиш. Шарттуу сатып алуунун натыйжасында келип чыгуучу пайдалуу сатып алуудан гудвиллди же пайданы баалоодо, шарттуу сатып алуу күнүнө туунду ишкананын адилет наркы өткөрүп берилген шарттуу сыйакы катары каралышы керек. Ишкананын статусу өзгөргөн күндөн тартып анын бардык туунду ишканалары ушул стандарттын 19–21-пункттарына ылайык консолидацияланышы керек.

B101. Эгерде ишкана инвестициялык ишкана болуп калса, ал 32-пунктка ылайык консолидациясы улануучу туунду ишканаларын кошпогондо, статусу өзгөргөн күндөн тартып туунду ишканаларын консолидациялоону токтотушу керек. Инвестициялык ишкана ушул күнгө ошол туунду ишканаларынын үстүнөн контролун жоготкондой эле инвестициялык ишкана өзү консолидациясын токтоткон туунду ишканаларына карата 25 жана 26-пункттардын талаптарын колдонууга тийиш.

## С тиркемеси

## КҮЧҮНӨ КИРҮҮ КҮНҮ ЖАНА ЭСЕПКЕ АЛУУНУН ЖАҢЫ ТАРТИБИНЕ ӨТҮҮ

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат жана өзүнүн күчү боюнча ушул стандарттын башка бөлүмдөрүнө теңдеш.*

### Күчүнө кирүү күнү

C1. Ишкана ушул стандартты 2006-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилген. Эгерде ишкана ушул стандартты алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүшү жана ошону менен бир эле убакта ФОЭС (IFRS) 11ди, ФОЭС (IFRS) 12ни, “*Өзүнчө финансылык отчеттуулук*” ФОЭС (IFRS) 27ни жана ФОЭС (IFRS) 28ди (2011-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) колдонушу керек.

C1A. «*Бириктирилген финансылык отчеттуулук, биргелешкен ишкердик жана башка ишканаларга катышуу тууралуу маалыматтарды ачып көрсөтүү*: *Өткөөл жоболор боюнча колдонмо* (2012-жылдын июнунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 11ге жана ФОЭС (IFRS) 12ге түзөтүүлөр) документи C2–C6-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизген жана C2A–C2B, C4A–C4C, C5A жана C6A–C6B-пункттарын кошкон. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2013-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Эгерде ишкана ФОЭС (IFRS) 10ду алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал ушул түзөтүүлөрдү ошондой алда канча эрте мезгил үчүн колдонушу керек.

C1B. 2012-жылдын октябрында чыгарылган «*Инвестициялык ишканалар* (ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр)» документи 2, 4, C2A, C6A-пункттарына жана А тиркемесине түзөтүүлөрдү киргизген, ошондой эле 27–33, B85A–B85W, B100–B101 жана C3A–C3F-пункттарын кошкон. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2014-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурун колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү жана «Инвестициялык ишканалар» документинин курамына кошулган бардык түзөтүүлөрдү бир убакта колдонушу керек.

C1C. *[Бул пункт али күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тиешелүү жана ошондуктан бул редакцияга киргизилген эмес.]*

C1D. 2014-жылдын декабрында чыгарылган *«Инвестициялык ишканалар: консолидациялоо жөнүндө талаптардан өзгөчө учурларды колдонуу»* (ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөр) документи 4, 32, B85C, B85E жана C2A-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизген жана 4A–4B-пункттарын кошкон. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2016-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

### Эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

C2. C2A–C6-пункттарда сыпатталган кырдаалдарды кошпогондо, ишкана ушул стандартты «*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 10го ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш.

C2A. ФОЭС (IAS) 8дин 28-пунктунун талаптарына карабастан, ушул стандартты алгачкы колдонууда, же, эгерде бул бир кыйла кийинки күнгө туура келсе, «*Инвестициялык ишканалар*» документи жана «*Инвестициялык ишканалар: консолидациялоо жөнүндө талаптардан өзгөчө учурларды колдонуу*» документи менен киргизилген түзөтүүлөрдү ушул стандартка алгачкы колдонууда ишкана ФОЭС (IAS) 8дин 28(f)-пунктунда талап кылынган сандык маалыматтарды ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнүн түздөн-түз алдында болуп өткөн жылдык мезгил («түздөн-түз мурдагы мезгил») үчүн гана

көрсөтүшү керек. Ишкана ошондой эле ушундай маалыматты учурдагы мезгил үчүн же болбосо алда канча эрте салыштырмалуу мезгилдер үчүн көрсөтүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес.

C2B. Ага карата ушул стандарт алгачкы колдонулуп жаткан жылдык отчеттук мезгилдин башталышы ушул стандарттын максаттары үчүн алгачкы колдонуу күнү болуп саналат.

C3. Алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкананын өзүнүн төмөнкүлөргө катышуусун эсепке алуунун мурунку тартибине түзөтүүлөрдү киргизүүсү болжолдонбойт:

(a) «*Бириктирилген жана өзүнчө финансылык отчеттуулук*» ФОЭС (IAS) 27 жана «*Атайын багыттагы консолидацияланган ишкана*» ТТК (SIC) 12 түшүндүрмөсүнө ылайык ушул күнгө консолидациялануучуга тийиш болгон жана ошондой эле ушул стандартка ылайык консолидациялануучуга тийиш ишканаларга; же

(b) ФОЭС (IAS) 27 жана ТТК (SIC) 12 түшүндүрмөсүнө ылайык ушул күнгө карата консолидациялануучуга тийиш болбогон жана ушул стандартка ылайык консолидациялануучуга тийиш эмес ишканаларга.

C3A. Алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана, ушул күнгө карата орун алган фактыларга жана жагдайларга негизденүү менен, анын инвестициялык ишкана болуп саналар-саналбасын баалоого милдеттүү. Эгерде алгачкы колдонуу күнүнө карата ишкана ал инвестициялык ишкана болуп саналат деген корутундуга келсе, ал C5–C5A-пункттарынын талаптарынын ордуна C3B–C3F-пункттарынын талаптарын колдонушу керек.

C3B. Инвестициялык ишкана 32-пунктка ылайык консолидациялануучу (алардын кайсынысын колдонуу орундуу болоруна жараша аларга карата C3 жана C6-пункттары же болбосо C4–C4C-пункттары колдонулуучу) туунду ишканаларды кошпогондо, ушул стандарттын талаптары ар дайым колдонулуп келген сыяктуу, пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча ар бир туунду ишканага өзүнүн чегерген инвестициясын баалоого тийиш. Инвестициялык ишкана алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгилдин маалыматтарына, ошондой эле түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышына карата абал боюнча капиталдын төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырмаларына карата ретроспективдүү түзөтүүлөрүн жүргүзүүгө тийиш:

(a) туунду ишкананын мурдагы баланстык наркы менен; жана

(b) ушул туунду ишканага инвестициялык ишкананын инвестициясынын адилет наркы менен.

Башка жыйынды кирешенин курамында чагылдырылган адилет нарктын түзөтүүлөрүнүн топтолгон суммасы алгачкы колдонуу күнүнүн түздөн-түз алдында болгон жылдык мезгилдин башталышындагы абалы боюнча бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына которулушу керек.

C3C. «*Адилет наркты баалоо*» ФОЭС (IFRS) 13тү колдонуу күнүнө чейин, эгерде ушул маани жакшы кабардар кылынган ушундай операцияларды жасоону каалаган көз карандысыз тараптардын ортосунда бүтүмдөрдү жасоодо, мурун инвесторлорго же жетекчиликке көрсөтүлсө, ал үчүн инвестиция баалоону жүргүзүү күнүнө алмашылышы мүмкүн болгон сумманы билдирсе, инвестициялык ишкана адилет нарктын маанисин колдонушу керек.

C3D. Эгерде туунду ишканага инвестицияны баалоо C3B–C3C-пункттарына ылайык иш жүзүндө жүзөгө ашырылгыс болсо (бул түшүнүк ФОЭС (IAS) 8де аныкталгандай), анда инвестициялык ишкана ушул стандарттын талаптарын эң эрте мезгилдин башталышындагы абалы боюнча колдонуусу керек, ал үчүн C3B–C3C-пункттарынын талаптарын практикада колдонуу мүмкүн эмес болот; бул мезгил учурдагы мезгил болушу мүмкүн. Эгерде эң эрте мезгилдин башталышы болсо, ал үчүн бул пунктту практикада колдонуу мүмкүн, бул учурдагы мезгил болуп саналбайт, анда инвестор алгачкы колдонуу күнүнүн түздөн-түз алдында болгон, жылдык отчетко тийиштүү суммаларды ретроспективдүү түзөтүүнү жүргүзүшү керек. Акыркы учурда капиталдын курамына оңдоп-түзөтүү учурдагы мезгилдин башталышына карата таанылуусу тийиш.

© ФОЭС Фонду

C3E. Эгерде инвестициялык ишканадан инвестиция туунду ишканага чыгып кетип жатса же ушул стандартты алгачкы колдонуу күнүнө чейин анын үстүнөн болгон контролду жоготуу болсо, анда инвестициялык ишкана ушул туунду ишканага карата эсепке алуу тартибинде мурун колдонулган түзөтүүнү жүргүзүүгө милдеттүү эмес.

C3F. Эгерде ишкана ал алгачкы колдонгон ФОЭС (IFRS) 10го караганда, «*Инвестициялык ишканалар*» документин бир кыйла кийинки мезгилге карата колдонсо, анда C3A–C3E-пункттарында «алгачкы колдонуу күнүнө» көрсөтмөлөр “2012-жылдын октябрында чыгарылган «*Инвестициялык ишканалар* ФОЭС (IFRS) 10го, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр) документин түзүүчү түзөтүүлөр жылдык отчеттук мезгилдин башталышына карата алгачкы колдонулат».

C4. Эгерде алгачкы колдонуу күнүнө карата инвестор мурда ФОЭС (IAS) 27 жана ТТК (SIC) 12 түшүндүрмөлөрүнө ылайык, ал инвестициялар объектин консолидациялашы керек экени жөнүндө алгачкы тыянакка келсе, инвестор төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) эгерде инвестициялар объекти бизнес болуп саналса («*Бизнести бириктирүү*» ФОЭС (IFRS) 3тө баяндалган ушул терминдин аныктамасына ылайык), стандартты адегенде колдонуу күнүнө активдерди, милдеттенмелерди жана инвестициялардын ушундай объектисиндеги, эгерде инвестициялардын ушул объекти консолидацияланганда й, ушул стандарттын талаптарынын негизинде инвестор ушундай инвестициялар объектинин үстүнөн контролдукту алган күндөн тартып, мурда консолидацияланбаган контролдонбоочу үлүштөрдү баалоого тийиш (жана ушинтип ФОЭС (IFRS) 3кө ылайык сатып алууну эсепке алуу колдонулат). Инвестор алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгил үчүн салыштырма маалыматтардын ретроспективдүү түзөтүүсүн жүргүзүүсү керек. Түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышынан эрте контроль белгиленген учурда, инвестор капиталдын оңдоп-түзөтүүсү катары түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышына абалы боюнча төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы таанууга тийиш:

   (i) таанылган активдердин, милдеттенмелердин жана контролдонбоочу үлүштөрдүн көлөмдөрүнүн; жана

   (ii) инвестордун инвестициялар объектинде катышуусунун мурунку балансстык наркынын.

(b) эгерде инвестициялар объекти бизнес болуп саналбаса (ФОЭС (IFRS) 3тө баяндалган ушул терминдин аныктамасына ылайык), активдерди, милдеттенмелерди жана инвестициялардын ушундай объектиндеги, эгерде инвестициялардын ушул объекти консолидацияланганда й, ушул стандарттын талаптарынын негизинде инвестор ушундай инвестициялар объектинин үстүнөн контроль алган күндөн тартып, мурда консолидацияланбаган контролдонбоочу үлүштөрдү баалоого тийиш (ФОЭС (IFRS) 3тө сыпатталган сатып алуу методун колдонуу менен, бирок инвестициялар объектине карата гудвиллди таанибастан). Инвестор алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматтардын ретроспективдүү түзөтүүсүн жүргүзүүсү керек. Түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышынан эрте контроль белгиленген учурда, инвестор капиталдын түзөтүүсү катары түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышына абалы боюнча төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы таанууга тийиш:

   (i) таанылган активдердин, милдеттенмелердин жана контролдонбоочу үлүштөрдүн көлөмүнүн; жана

   (ii) инвестордун инвестициялар объектинде катышуусунун мурунку балансстык наркынын.

C4A. Эгерде C4(a) же (b) пункттарына ылайык активдерди, милдеттенмелерди жана инвестициялар объектинин контролдонбоочу үлүштөрүн баалоо практикада мүмкүн эмес болсо (ФОЭС (IAS) 8де аныкталгандай), анда инвестор:

© ФОЭС Фонду

(a) эгерде инвестициялар объекти бизнес болуп саналса, сатып алуунун шарттуу күнүнө абал боюнча ФОЭС (IFRS) 3түн талаптарын колдонуусу керек. Сатып алуунун шарттуу күнү, ага карата C4(a)-пунктун колдонуу практикада мүмкүн болгон алда канча эрте мезгилдин башталышы болот, анын үстүнө ошондой мезгил учурдагы мезгил болушу мүмкүн.

(b) эгерде инвестициялар объекти бизнес болуп саналбаса, ФОЭС (IFRS) сыпатталган методду колдонууга тийиш, бирок сатып алуунун шарттуу күнүнө карата абал боюнча инвестициялар объектине карата гудвиллди тааныбастан. Сатып алуунун шарттуу күнү, ага карата C4(b)-пунктун колдонуу практикада мүмкүн болгон алда канча эрте мезгилдин башталышы болот, анын үстүнө ошондой мезгил учурдагы мезгил болушу мүмкүн.

Инвестор алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматтардын ретроспективдүү оңдоп-түзөтүүсүн жүргүзүшү керек, эгерде ал үчүн ушул пункт колдонулушу мүмкүн болсо, эң эрте мезгилдин башталышы учурдагы мезгил болуп саналбайт. Эгерде сатып алуунун шарттуу күнү түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышынан мурун орун алса, инвестор капиталдын оңдоп-түзөтүүсү катары түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышына абалы боюнча төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы таанууга тийиш:

(a) таанылган активдердин, милдеттенмелердин жана контролдонбоочу үлүштөрдүн көлөмүнүн; жана

(b) инвестордун инвестициялар объектинде катышуусунун мурунку балանстык наркынын.

Эгерде ага карата ушул пунктту колдонуу практикада мүмкүн болгон эң эрте мезгил учурдагы мезгил болуп саналса, анда капиталды оңдоп-түзөтүү учурдагы мезгилдин башталышына карата абалы боюнча таанылышы керек.

C4B. Эгерде инвестор C4–C4A-пункттарын колдонсо, жана мында ушул стандартка ылайык контроль аны 2008-жылы кайра каралгандан кийин ФОЭС (IFRS) 3түн (ФОЭС (IFRS) 3 (2008)) жаңы редакциясы күчүнө кирген күндөн кечирээк алынса, C4–C4A-пункттарында ФОЭС (IFRS) 3кө шилтемелер ФОЭС (IFRS) 3кө (2008) шилтемелер катары каралышы керек. Эгерде контроль ФОЭС (IFRS) 3 (2008) күчүнө кирген күнгө чейин алынган болсо, инвестор же болбосо ФОЭС (IFRS) 3тү (2008), же болбосо ФОЭС (IFRS) 3тү (2004-жылы чыгарылган) колдонушу керек.

C4C. Эгерде инвестор C4–C4A-пункттарын колдонсо, жана мында ушул стандартка ылайык контроль аны 2008-жылы кайра каралгандан кийин ФОЭС (IAS) 27нин (2008)) жаңы редакциясы күчүнө кирген күндөн кечирээк алынса, инвестор C4–C4A-пункттарына ылайык инвестициялар объекти ретроспективдүү консолидацияланган бардык мезгилдерге карата ушул стандарттын төмөнкү талаптарын колдонууга тийиш:

(a) C4–C4A-пункттарына ылайык инвестициялар объекти ретроспективдүү консолидацияланган бардык мезгилдерге карата ушул стандарттын төмөнкү талаптарын; же болбосо

(b) ФОЭС (IAS) 27 (2008) күчүнө кирген күнүнөн мурдагы мезгилдерге карата 2003-жылы чыгарылган ФОЭС (IAS) 27нин редакциясынын талаптарын жана кийинки мезгилдерге карата ушул стандарттын талаптарын.

C5. Эгерде алгачкы колдонуу күнүнө инвестор мурун ФОЭС (IAS) 27ге жана ТТК (SIC) түшүндүрмөсүнө ылайык консолидацияланган инвестициялар объектин мындан ары карай консолидациялабоо жөнүндө тыянакка келсе, инвестор өзүнүн инвестициялар объектиндеги үлүшүн, мындай үлүш эгерде ушул стандарттын талаптары инвестор инвестициялар объектине катышуу үлүшүн сатып алган же инвестициялар объектинин үстүнөн контролун жоготкон учурда колдонулгандай (бирок ушул стандартка ылайык анын үстүнөн контроль албаган) сумма боюнча өзүнүн инвестициялар объектине катышуу үлүшүн баалашы керек. Инвестор алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматтардын ретроспективдүү оңдоп-

© ФОЭС Фонду

түзөтүүсүн жүргүзүшү керек. Эгерде инвестор инвестициялар объектине катышуу үлүшүн сатып алган (бирок ушул стандартка ылайык контроль албаган), же болбосо анын үстүнөн контролун жоготкон күн түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышынан эрте орун алса, инвестор капиталдын оңдоп-түзөтүүсү катары түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышына карата абал боюнча төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы таанууга тийиш:

(a) активдердин, милдеттенмелердин жана контролдонбоочу үлүштөрдүн мурунку баланстык наркынын; жана

(b) инвестордун инвестициялар объектинде катышуусунун таанылган баланстык наркынын.

C5A. Эгерде C5-пунктуна ылайык инвестициялар объектинде катышуу үлүшүн баалоо практикада мүмкүн эмес болсо (ФОЭС (IAS) 8де баяндалган аныктамага ылайык), анда C5-пунктун колдонуу практикада мүмкүн болсо, инвестор ага карата алда канча эрте мезгилдин башталышына карата ушул стандарттын талаптарын колдонууга тийиш, анын үстүнө мындай мезгил учурдагы мезгил болушу мүмкүн. Эгерде учурдагы мезгил ага карата ушул пункт колдонулушу мүмкүн болгон мезгил болуп саналбаса, инвестор алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгил үчүн салыштырмалуу маалыматтын ретроспективдүү оңдоп-түзөтүүсүн жүргүзүшү керек. Эгерде инвестор инвестициялар объектине катышуу үлүшүн сатып алган (бирок ушул стандартка ылайык контроль албаган), же болбосо анын үстүнөн контролун жоготкон күн, түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышынан эрте орун алса, инвестор капиталдын оңдоп-түзөтүүсү катары түздөн-түз мурдагы мезгилдин башталышына карата абалы боюнча төмөнкүлөрдүн ортосундагы айырманы таанууга тийиш:

(a) активдердин, милдеттенмелердин жана контролдонбоочу үлүштөрдүн мурунку баланстык наркынын; жана

(b) инвестордун инвестициялар объектинде катышуусунун таанылган баланстык наркынын.

Эгерде ушул пунктту колдонуу практикада мүмкүн болгон эң эрте мезгил учурдагы мезгил болуп саналса, анда капиталдын оңдоп-түзөтүүсү учурдагы мезгилдин башталышындагы абалы боюнча таанылууга тийиш.

C6. 23, 25, B94 жана B96–B99-пункттар ФОЭС (IFRS) 10го алынып өтүлгөн, 2008-жылы жасалган ФОЭС (IAS) 27ге карата түзөтүүлөрдү билдирет. Ишкана C3-пунктун колдонгон же болбосо ага C4–C5A-пункттарын колдонуу талап кылынган учурлардан тышкары, ишкана көрсөтүлгөн пункттарда төмөнкүдөй түрдө баяндалган талаптарды колдонушу керек:

(a) Ишкана B94-пунктта берилген түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуудан мурдагы отчеттук мезгилдер үчүн пайданы же зыянды кайра эсептебеши керек.

(b) Туунду ишканадагы тикелей катышуу үлүштөрүндөгү өзгөртүүлөр ушул түзөтүүлөрдү ишкана алгачкы колдонгонго чейин болуп өткөн контролду алгандан кийинки өзгөртүүлөрдү эсепке алууга карата жайылтылбайт.

(c) Эгерде контроль ал 25 жана B97–B99-пункттарда баяндалган түзөтүүлөрдү алгачкы колдонгондон мурун негизделсе, ишкана мурдагы туунду ишкананын инвестицияларынын баланстык наркын кайра эсептеши керек эмес. Мындан тышкары, ишкана 25 жана B97–B99-пункттарда баяндалган түзөтүүлөр алгачкы колдонулганда мурда туунду ишкананын үстүнөн контролду жоготкондо, пайданы же зыянды кайра жаңыдан эсептеп чыгышы керек эмес.

## «Түздөн-түз мурдагы мезгилге» шилтеме

C6A. C4 – C5A-пункттарында алгачкы колдонуу күнүнөн түздөн-түз мурдагы жылдык мезгилге («түздөн-түз мурдагы мезгил») шилтемелерге карабастан, ишкана ошондой эле бардык көрсөтүлгөн алда канча эрте мезгилдер үчүн оңдоп-түзөлгөн салыштырмалуу маалыматтарды берүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес. Эгерде ишкана баары бир эле

алда канча эрте мезгилдер үчүн оңдоп-түзөлгөн салыштырмалуу маалыматтарды берсе, анда C3B–C5A-пункттарындагы «түздөн-түз мурдагы мезгилге» бардык көрсөтмөлөр «көрсөтүлгөн оңдоп-түзөтүлгөн салыштырмалуу мезгилдердин ичинен эң эртесине» карата көрсөтмөлөр катары каралышы керек.

C6B. Эгерде ишкана алда канча эрте мезгил үчүн оңдоп-түзөтүлбөгөн салыштырмалуу маалыматтарды берсе, ал оңдоп-түзөтүлбөгөн маалыматтарды так идентификациялоосу, бул маалымат башка негизде даярдалганын көрсөтүшү, жана мындай маалыматтын даярдалышынын негизине карата түшүндүрмө бериши керек.

## ФОЭС (IFRS) 9га шилтемелер

C7. Эгерде ишкана ушул стандартты колдоно турган болсо, бирок али ФОЭС (IFRS) 9ду колдоно элек болсо, ушул стандартта кандай гана болбосун ФОЭС (IFRS) 9га шилтеме «*Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо*» ФОЭС (IAS) 39га шилтеме катары чечмеленип баяндалууга тийиш.

## Башка ФОЭСтердин колдонулушун токтотуу

C8. Ушул стандарт өзү менен ФОЭС (IAS) 27деги (2008-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) бириктирилген финансылык отчеттуулукка карата талаптарды алмаштырат.

C9. Ушул стандарт ошондой эле «*Атайын багыттагы ишкананы консолидациялоо»* ТТК (SIC) 12 түшүндүрмөсүн дагы алмаштырат.